14
Былтыр 300 үй-бүлөгө жардам бергенбиз



6
Мекен жөнүндө көп ойлончу болдум




# САРЕСЕП
saresep.kg
30-июнь, 2016-жыл
№25 (58)
Калыс көз караш!


# Кара-Кече - көмүрдүн кени, жемкордун жеми



5-бетте



ЦУМ: ооматы келген ортомчулар

4-бетте



«Мамлекет кызмат сунууда артта калды»

9-бетте



Британиянын парашюту ачылабы?

10-бетте

Саресеп гезитинин урматтуу абоненти жай айларында дарек которсоңуз 0773 38 26 25 телефонуна билдирип коюңуз!




# Камеко өз мамлекетин да алдап жүрүптүр

2016-жылдын сентябрь айында "Камеко" компаниясы Торонто шаарындагы сотто Канаданын федералдык бийлиги менен жолугушмакчы. Бул тууралуу Huffington Post маалымат булагы жазып чыккан.

Эгерде компаниянын салыктарды төлөөдөн качканы далилденсе, бул Канаданын тарыхындагы эң чоң көлөмдөгү финансылык көз жазгыруу болмокчу. Бул жерде кеп 2,1 млрд. доллар тууралуу болуп жатат. Бирок активисттер бул иш сот дубалдарынан тышкары көп эмес сумма менен чечилип калышы мүмкүн деп тынчсызданышууда.

– Биз жай бою жең ичинен сүйлөшүүлөр болуп кетпешине ишенгибиз келет. Камеко толугу менен жообун тартсын. Канаданын салык агентсвосу кээ бир KPMG сыяктуу чоң-чоң компаниялардын тартип бузууларын байкап калса да, дайым эле салыктарды төлөтө беришпейт, – деп эсептейт активист Роза Каури.

Канаданын салык агентствосу менен Камеконун ортосундагы талаш-тартыш 2008-жылы эле башталган. Дүйнөдөгү урандын 18%ын өндүргөн компания Швейцарияда өзүнүн дагы бир кичи компаниясын негиздеп жиберген. Бул жерге уран Канаданын Саскачеван провинциясынан жөнөтүлүп турган. Камеконун бул филиалы өндүрүмгө жогорку бааларды коюп, кирешелер тууралуу маалыматты Канадага эмес, Швейцарияга көрсөтүп жүрүшкөн.

Камеко болсо салык агенттиги менен макул эместигин билдирип, "салыкты төлөгөнбүз" деп догурунуп жатат. Ал эми петициянын активисттери:



"Уранды Саскачеван аттуу Канаданын түндүк провинциясынан өндүрүп жатышат. Мунун пайдасын канадалыктар гана көрүш керек", – деп эсептешет.

# Премьер-министр жана вице-премьер-министрлер жарандарды кабыл алмай болушту

Премьерлер, вице-премьерлер жана өкмөттүн Аппарат жетекчилеринин 2016-жылдын 2-жарым жылдыгына карата жарандарды кабыл алуу боюнча графиги бектилди.

1. Премьер-министр 26-июль, 30-август, 27-сентябрь, 25-октябрь, 29-ноябрь, 27-декабрь күндөрү саат 17-00дөн-19-00гө чейин жарандарды кабыл алат.

2. Биринчи вице-премьер 20-июль, 17-август, 21-сентябрь, 19-октябрь, 16-ноябрь, 21-декабрь күндөрү саат 17-00дөн 19-00гө чейин кабыл алат.

3. Экономикалык суроолор боюнча вице-премьер министр 27-июль, 24-август, 28-сентябрь, 26-октябрь, 23-ноябрь, 28-декабрь күндөрү кабыл алат.

4. Социалдык маселелер боюнча вице-премьер министр 12-июль, 9-август, 13-сентябрь, 11-октябрь, 8-ноябрь, 13-декабрь күндөрү саат 17-00дөн 19-00гө чейин кабыл алат.

5. Өкмөттүн Аппарат жетекчиси 5-июль, 19-июль, 2-август, 16-август, 6-сентябрь, 20-сентябрь, 4-октябрь, 18-октябрь, 1-ноябрь, 15-ноябрь, 6-декабрь, 20-декабрь күндөрү саат 17-00дөн 19-00гө чейин кабыл алат.



# Стамбул: кыргыз жарандарынан бирөө жеңил жараат алды

Стамбулда кечээки террордук чабуулдардан мерт кеткендер арасында кыргызстандыктар жок. Бул тууралуу бүгүн Стамбулдагы Башкы консулдукка таянып кыргызстандын Тышкы иштер министрлиги кабарлады.

Такталган маалыматка караганда, бир кыргызстандык жараат алган. Ал – 22 жаштагы Бахтияр Юнусов. Сол колунан жеңил жараат алган Юнусовдун абалын сурап ооруканага консулдуктун кызматкерлери барып келишти. Бүгүн ал ооруканадан чыгары кабарланды.

Ал эми кыргызстандык болушу ыктымал деп айтылып жаткан Рыфат Салимовдун өзбекстандык экени аныкталды.

Кечээ кечинде Ататүрк аэропортунда өзүн-өзү жардырган үч жанкечтинин кол салуусунан 36 адам өлүп, 147 киши жаракат алды.




# Латын арибин аныктоочу система иштөөдө

Финансы министрлигинин Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин сайтына латын ариби колдонулган жарыялар мындан ары кабыл алынбайт. Эгер текстте кириллица менен латын ариби аралаш жазылса, андай жарыя сайтка чыкпайт. Бул тууралуу бүгүн Финансы министрлигинен кабарлашты.

Буга чейин массалык маалымат каражаттарында «коррупциялык латиница» боюнча иликтөө жүргүзүлүп, журналисттер мындай ыкма менен көмүскө тендерлер өткөрүлүп жүргөнүн аныкташкан.

Алгачкылардан болуп Kloop.kg сайтынын кабарчылары 2014-жылдын декабрь айында окуу китептерин басып чыгарууда 167 млн. сом жашырылганы тууралуу жазып чыккан болчу.




БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Ишкерди тушаган мамлекеттик кызмат

Мамлекеттик менчикти башкарган саясий топтор башка, жеке ишкерлер башка планетада болсо маселе жаралбайт болчу. Бирок андай болуу мүмкүн эмес экен. Союз тарагандан бери канча жолу менчиктештирүү болсо да «мамлекет» деген субъекттин колунда дагы эле көп мүлк жана монополдук кызматтар сакталып келүүдө. Мамлекеттик мүлк жана кызматтар менен жеке ишкердин иши дененин булчуңу жана сөөгү сымал болуп калгандыктан бири-бирисиз ыкчам илгерилөөсү мүмкүн эмес. Мисалы, мамлекетке таандык жол салуу жана өрт өчүрүү кызматы да ишкер менен кардардын ортосуна кирип алган. Бирок алар дайыма аксап келгендиктен ишкерлерди очойгон чыгымдарга кириптер кылууда.

Күндүн жылышы менен бир топ адам Ысык-Көлдү көздөй аттанды. Темир Сариевди премьерлик креслодон сыйрып түшүүдөгү негизги шылтоо бетондон жасалган көпүрөлөрдүн мөөнөттүк стандарттарды сакталбаганы болду эле. 2-Көчмөндөр оюнунун борбору болчу Чолпон-Атага алып барган аралыктагы 30 чакырымга жетпеген жол бүткөн күндө да эч бир стандартка дал келбеген кыска мөөнөттө аяктагыдай. Ушундан улам эң жогорку стандарттарга жооп берген пансионаттарды куруп алган кыргыз ишкерлери күмөн ойго батышкан. Алар: «Бүт дүйнөдөн конок чакырып алып, эч нерсени мерчемдебей туруп жолду астын-үстүн кылгандар муну атайылап кылышкан сыяктуу. Мүмкүнчүлүгү чектелүү болсо жолду быйылча жаңыртпай эле коё турганда болмок», – дешет. Жол салгандар болсо камаараган да жок. Карасаң саат жетиге жетпей жол куруучу унааларын кыдыракей тизип коюп, үйлөрүнө тарап кетет экен. Эртеси келип кечке бир нерсе кылымыш болушат, же жумушу арбыбайт бечаралардын. Илгери Акаевдин убагында Манастын 1000 жылдыгын өткөрөбүз деп шымаланганыбызда бир топ иш кечеңдеп, акыры ал кездин премьер-министри Апас Жумагулов курулуш объектилеринде түнөп калган дейт. Бул темп менен кетсек, учурдун өкмөт башчысы да Тамчы – Чолпон-Ата жолунда ары-бери сандалчу маалы жакындаган окшойт.

Быйыл көп кабаттуу бир нече үй өрттөндү. Жеке ишкер 18 кабат үйдүн үстүнө бетон үйлөп жеткирген атайын унааларга ээ. Мамлекет болсо он кабаттан жогору имаратка суу жеткире албай бышылдап отурат. Себеби өрт өчүргүч унааларынын көбү эски, жаңы болсо да алсыз. Эми бул жегичтердин мээсине качан бир нерсе жетет деп жүрүп Бишкек жалпыйган шаарга айланабы?

Мамлекеттик мүлк менен кызматтарды басып жаткандар жеке ишкерге тоскоол боло баштады. Демек, же эффективдүү башкаруу киргизүүсү керек, же мүлк менен кызматты басып жата бербей жеке ишкерге сатуусу зарыл.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925
САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров,

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 7000**
**Буйрутма № 1496**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Кытай инвестициянын 30%ын ээлейт



**27-июнда Кыргызстанга Кытайдын Цзисянь провинциясынан ишкерлер делегациясы форум өткөрдү. Форумдун максаты кыргыз ишкерлери менен ымала түзүү жана биргеликте иш алып баруу болду. Биз экономика министринин орун басары Эльдар Абакировдон "Кытай ишкерлери Кыргызстандын кайсы тармагына инвестиция сала алат? Кыргызстан тарап кандай пайда көрө алат?" деген суроо менен кайрылып, төмөндөгүдөй жооп алдык:**

– Азыркы учурда Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы кызматташуунун ырааттуу өнүгүшүнө тоскоол боло турган өзгөчө маселелер жок. Кытай Кыргызстандын маанилүү өнөктөштөрүнүн биринин ордун ээлеген. Бүгүнкү күнү Кытай Кыргызстандын соода тармагына, кайра иштетүү өнөр жайына, кесиптик илимий техникалык иш чөйрөсүнө 1,5 млрддан ашуун доллар инвестиция салып, жалпылай өлкөгө түшкөн инвестициянын 30 пайызын түзгөн. Ага ылайык, 200дөн ашуун келишимге кол коюлган. Ал эми эки өлкөнүн ортосунда жылына 1 млрд. доллардын тегерегинде товар жүгүртүлөт. Кыргыз-Кытай мамилелеринин азыркы абалында келечекте эки өлкөнүн бардык чөйрөдө ар тараптуу динамикалык кызматташуусуна алып бара турган артыкчылыктары бар.

Биздин ишкерлер үчүн маалымат катары айта кетсем, Цзисянь Кытайдын түштүгүндө жайгашкан 46 млн. калкы бар провинция. Ички дүң продукциясынын жалпы көлөмү 270 млрд. долларды түзөт. Аталган провинция бүгүнкү күнү Кытайдын эң жогорку деңгээлде өнүккөн аймагы болуп саналат. Мындай аймак менен кызматташуу Кыргыз ишкерлеринин кызыгуусун арттырат деген ойдомун.

Кытай ишкерлери үч тармакка кызыгышы мүмкүн. Биринчиси – Кыргызстан Евразия экономикалык биримдиктин курамына кирген. ЕАЭБде болсо 180 млнго жакын адам жашайт. Экинчиси – Евросоюз Кыргызстанга ЖЖС+ макамын берген. Белгилүү болгондой Кыргызстандан кирген 6000 минден ашуун товарга бажы төлөнбөйт. Ал эми Кытайлар кызыга турган үчүнчү тармак – туристтик бизнес чөйрөсү. Анткени статистикалык маалыматтар Кыргызстандын жаратылышына кытайлар эле эмес, көптөгөн туристтер да кызыгып, инвестиция салууга даяр экенин айтышууда. Кыргызстан акырындык менен ЕАЭБдин жана Евросоюздун ортосундагы көпүрөгө айланып баратканы байкалууда.

# Жол тармагы абдан коррупцияланган



**Жогорку Кеңештин бүтжет жана финансы боюнча комитети бүгүн республикалык бүтжетке өзгөртүү киргизип, жол үчүн каражат кароо сунушун жактырды. Учурда жол куруучулар Тамчыдан – Чолпон-Атага чейинки 35 чакырым жолду Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына чейин бүтүрүүнүн камын көрүп, пландалган жумуш өз убагында аягына чыгарына ишендирүүдө. Бирок, айланма жолдордон сапырылган чаң Ысык-Көлгө келген туристтерге оңтойсуз абал жаратууда. Ушундан улам "Деги жол качан бүтөт? Бүгүнкү күнү кыргызстандык адистер жол курууда кандай көйгөйлөргө туш болууда?" деген суроолорубузга Транспорт министри Замирбек Айдаров төмөнкүдөй жооп берди.**

– Бул жерде бир гана көлдүктөр үчүн эмес, көлгө келген туристтер үчүн да шарттар жакшы болбой жатат. Негизи, жолдун салынышы ушундай экен. Мисалы, Балыкчы–Кубакы жолу деле эки жарым жыл салынган. Ошондо деле ушундай чаң болуп, шарттар түзүлгөн эмес. Бирок, кичине чыдасак, жакшы жол салынып калат. Азыр жолдун курулушуна каражат табылып жатат. Жол курган мекеме да алдыга койгон максатын толук кандуу иш жүзүнө ашыра баштады. Курулуш жүргөн жердин эки тарабы тең айдоо. Ал жерлерге суу жеткириш үчүн суу түтүктөрүн салыш керек. 35 километрдин ичинде эле 123 суу куурлары бар. Анын үстүнө туристтик сезон менен жол куруу сезону дал келип калат экен. Анткени биз асфальтты кышында сала албайбыз. Асфальт жайдын ысык күнүндө гана салынат. Ошон үчүн жашоочулар бизди туура түшүнөт деп ишенели. Балыкчыдан баштап Корумдуга чейинки жол 2017-жылдын декабрь айында бүтүшү керек. Азыр Тамчыдан Чолпон-Атага чейинки жолду бүтүргөнгө аракет кылып атабыз. Анан ат майданынын да жолун бүтүрүшүбүз керек. Эң чоң көйгөй аба ырайы болуп жатат. Өзүңүздөр көрүп тургандай кескин түрдө күн ысыйт да, кайра нөшөрлөгөн жамгыр жаайт. Табигый кырсыктар катталууда. Жол тармагы да абдан коррупцияланышкан тармакка айланды. Тендерди электрондукка өткөрүп койгонубуз аябай жакшы болду. Тендерге катышууну каалагандар атайын порталга катталып, анын негизинде комиссия иш жүргүзүүдө.

# Атайын талапкерлерди азайтууну көздөшөт



**Мамлекеттик сатып алууларда 6 ай ичинде 72 коррупциялык тендер аныкталган. Бул тууралуу 2016-жылдагы сатып алуулар боюнча Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин директорунун орун басары Сүйүнтбек Мусуралиев маалымат жыйында билдирди. Эскерте кетсек, буга чейин ЖМКларда мамлекеттик сатып алуулар порталында жашырылган тендерлер тууралуу маалыматтар жазылып, 72 коррупциялык тендердин ичинен бешөөсү расмий түрдө жоюлуптур. Натыйжада биз "72нин бешөөсүнөн башкасына кандай чаралар колдонулат? Бул коррупциялашкан тендерлерге жооптуу болгондор жазага тартылабы?" деген суроо менен Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин директорунун орун басары Сүйүнтбек Мусуралиевке кайрылып, төмөнкү жоопту ала алдык:**

– Сатып алуучу уюм кыргызча, орусча тамгалардын арасына латын тамгаларын кошуп ийип, ошону менен жарыяны керексиз талапкерлер издегенде чыкпай калат деп ойлогон. Бирок жалпы товарлардын классификаторлору менен баарын тапса болот. Сатып алуучу уюмдун аттары болот. Ошол атты издесе эле ал чыгарган жарыялардын баары табылат. Бул эми тендерге катышуучулардын саны азайтат деген гана ой. Муну да жаап токтоттук. Программисттер менен биргеликте бир системди иштеп чыктык. Ага ылайык, мамлекеттик сатып алуу электрондук порталында сөздөр бир гана кириллица, же латынча жазылышы керек. Бир сөздө латынча менен кириллица аралашкан болсо кабыл албайт. Киргизилген мүчүлүштүктөр оңдолду.

Коррупциялашкан тендерлер болсо жоюлат. Сатып алуучу уюмдун жетекчиси же аны өткөргөн адис жоопкерчиликке тартылат. Эгерде мыйзам бузуу боло турган болсо, аны мыйзам чегинде карап, тендерди кайра өткөрүү зарыл. Катышуучулардын санын көбөйтүү үчүн ачык конференциялар болуш керек. Бул маселеге тийиштүү адам жоопко тартылат. Ким буга күнөлүү экенин аныктоо керек. Мисалы, сатуу адисиби же текшерүүчү комиссиябы, ушуну тактайбыз. Сатып алуучу уюмдун жетекчиси комиссияны аныкташы керек. Жоопко тартуу мыйзамда көрсөтүлгөн. Ал эми жоопко кандай тартыларын аны сатып алуучу уюм жана укук коргоо органдары белгилейт.

# Бардык жарандарга номер берилет



**2017-жылдан тартып жарандарга биометрикалык маалымат камтылган ID паспорт бериле тургандыгы маалымдалды. Натыйжада «Кыргыз жарандары толугу менен биометрикалык маалыматтарын тапшырып бүттү беле? Шайлоо алдында биометрикалык маалыматтарды топтоо шашылыш жүргүзүлгөндүктөн кийин көптөгөн каталар чыкканын укканбыз. Эми бериле турган ID-паспорттордо да туура эмес натыйжалар болбойбу?" деген суроолор менен мамлекеттик каттоо кызматынын коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн адиси Азимбаева Дамирага кайрылып төмөнкү жоопторду алдык:**

– Кыргыз Республикасына караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы жана Корея эл аралык кызматташуу агенттсвосу (KOICA) 2016-жылдын 28-июнунда Борбордук архив агенттсвосунда «Биометрикалык паспортторду киргизүү» боюнча долбоордун алкагында келишимге кол коюп, Корей Республикасы гранттык жардам катары 7 млн 460 миң доллар бермей болду. Бул каражат техникалык чыгымдарга жумшалмакчы. Ал эми биометрикалык маалыматтар боюнча айтсак, акыркы статистика боюнча 76,9 пайыз жарандын маалыматы топтолду. Бирок бул улам-улам актуалдашып турчу маалымат. Анткени 16 жашка чыккан ар бир жаран маалыматын тапшырып турат. Ар кандай себептерден улам тапшырбай калгандар биздин ишеним телефонуна же маалыматтык борборго кайрылышат.

Ал эми 2015-жылдагы шайлоодо биз чогулткан маалыматтарды актуалдаштырып шайлоочулардын тизмесин түзгөнбүз. "Эмне үчүн тигил жаран тизмеге кирбей калды? Эмне үчүн туура эмес болуп калган?" деген сыяктуу маселелердин үстүндө дайыма иш жүргүзүп турабыз. Анткени жарандар деле кээде аты-жөнүн өзгөртүшөт. Бул жерде айта кетүүчү нерсе, социалдык фонд тарабынан берилген жеке идентификациялык номердин ролу. Ал номер жаранга бир гана жолу берилет жана эч качан өзгөрүлбөшү керек. Ошол номер менен бүт документтерин алат, алмаштырат, же жоготуп жиберген учурда калыбына келтирет. Шайлоонун алдында тизмелерди тактап жаткан кезде бир эле номер 2-3 жаранга берилип калган учурлар да кездешти. Бул боюнча жарандар кайрылышып өз маалыматтарын тууралап алган учурлар да болду.

# ЦУМ: ооматы келген ортомчулар, айласы кеткен сатуучулар

Кыргызстандагы маанилүү делип, тарыхый жай катары калыптанып калган "Айчүрөк" соода үйү (ЦУМ), асыресе анын эң алдыңкы кабаты (G-люкс) бүгүн сүйүнтөрлүк эмес абалда. Кардарларды имараттагы температуранын жогорулугу кейитсе, сатуучуларды аптаптан мурун андагы ижара баасынын кымбаттыгы кыйнап келет



Ушундан улам биз бул макалабызда дал ушул жер алдында орун алган жайлардын шарты кандай болуш керек? Мыйзам боюнча кандай эрежелер бар? Эрежени сактабаган кожоюндарга жоопкерчилик каралганбы? Мамлекет ижара баасын, деги эле базардагы бааны көзөмөлдөп тура алабы, же ал процесс кожоюн менен арендатордун өз ишиби? – деген суроолорго жооп издеп көрдүк.

## Температура +40 градустан ашат

Жайдын аптаптуу күнүндө дүр-дүкөндүн алдыңкы кабатына кирген адам 1 саатка жетпей чыга качат. Анткени имараттагы температура кышкысын 28-30 градуска жетсе, жайдын күнү 40 градус сельцияга чейин жогорулайт. Ал эми нымдуулук 75%дан ашып турат. Соода жайында иштеген сатуучулардын айтымында, адамдын көптүгүнөн орнотулган желдеткичтин (вентиляция) абаны нормалдаштырууга күчү жетпей калган. Ал эми муздаткыч жөнүндө сөз кылып да кереги жок.

Адистердин айтымында, жогорку температура менен нымдуулуктун айкалышы адамдын организминдеги суунун азайышына алып келет. Организм бир эле суу эмес, туздү жана В1 витаминдерин да жоготот. Аягында адамдын жүрөк согуусу начарлап, эсин жоготуп, патологиялык гипертермия талма ооруларына чалдыгат.

## Эрежеге жараша +28 градустан ашпоосу зарыл

Санитардык нормага ылайык имараттын ичиндеги микроклимат (температура, нымдуулук, соккон желдин ылдамдуулу) адамга жагымдуу болуп турушу шарт. Мисалы кыш мезгилинде 18–22 градус сельция болсо, жайдын күнү температура 28 градустан жогору болбошу керек. Ал эми нымдуулук 65% болсо, шамалдын ылдамдыгы секундасына 0,2 метрден, 0,5 метрге чейин согуп турусу зарыл. Аталган эрежелер сакталбаса, ошол имаратта иштеген адам ар кандай ооруга чалдыгып, кардарлар ар түрдүү ооруларды жугузуп алуу коркунучу бар.

## Мамлекеттик органдар ишкерлердин тынчын албай калган

Саламаттык сактоо министрлигинин Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиялык көзөмөлдөө департаментинин өкүлү Базарбаев Токтогул жер алдында орун алган соода түйүндөрдүн жана тамактануучу жайлардын эрежеси кадимки жайлардан да дыкат каралышы керек экендигин айтат. Анткени жер алдындагы имарат шартка жооп бербей, жетиштүү желденбесе адам өмүрүнө коркунуч туудурган кооптонуулар пайда болот.

– Кайсы бир соода түйүнү жер алдында орун алган болсо, сөзсүз вентиляция болуш керек. Андан тышкары, адамдын көзүнө зыянын тийгизбей турган жарык берүүчү каражаттар колдонулушу талап кылынат. Кыргызстанда 14 миңдей соода түйүндөрү, 200дөн ашык базарлар бар. Бүгүнкү күнү бардык мыйзамдар жеке ишкерлерди коргогонго көбүрөөк багытталып калган. Анткени биз мурдагыдай болуп, каалаган күнү барып текшере албайбыз. Анын үстүнө ишкер ишин нукка салып алганча, 3 жыл эч бир мамлекеттик орган тынчын албайт деген токтом кабыл алынган. Текшерген күнү деле "Бул жерде иш алып барганга болбойт" деген тыянак чыгарып бере албайбыз. Анүчүн кардар, керектөөчү же ошол жайда иштеген адам бизге расмий арыз менен кайрылышы керек. Эгер белгилүү бир жайда эрежелер сакталбаса, кодекске жооп бербесе мыйзамга жараша айыппул салынат. Ал эми мыйзам бузуулар ашып-ташып атса, биз ал имаратты толугу менен жаап салганга укугубуз бар.

## 700дөн ашык адам иштейт

Жалпысынан G-люкста (эң алдыңкы кабат) 70тей бөлүм бар. Ар бир бөлүмдө 4-5 сатуучу отурат. Көбүнчө телефон жабдыктары жана колдонулган телефон сатылат. Жалпы-жонунан 700гө жакын адам иштейт. Нурбек телефондун ар кандай жабдыктарын сатат. Ал имараттагы абалды баяндап жатып, буларга токтолду.

– Ысыгын өзүңүздөр көрүп турасыздар. Адам көп, бирок аба жок. Биз го чыдайбыз. Бирок кыздарга кыйын болуп жатат. Айрымдары эси оош жыгылат. Жаш балдар, боюнда барлар 1 саат чыдай албайт. Муздаткыч, желдеткич боюнча жетекчиликке кайрылсак, "Жасайбыз" дешкен. Бирок али орнотула элек. Болбосо G-люкс үч жыл мурун эле курулган. Жакпаса башка жакка иштебейби деп да ойлошуңар мүмкүн. Бирок каякка барабыз? Көнүп калган ишибиз ушул болсо.

## Ортомчулар оңбогондой акча табат

Ишкер, сатуучуларды шарттарынан мурун ижара баасы көбүрөөк ойлондурат. Анткени алар айына кызылдай 20–25 миң сом орун ээлерине карматат. Орун ээлери болсо ЦУМ башкармалыгы эмес. Ортодон пайда көргөн арендаторлор. Анткени "Айчүрөк"соода үйүнүн G-люкстагы 1 чарчы метрге койгон ижара баасы 100 АКШ долларынын тегерегинде. Бирок өз убагында келишим түзүп аянтка ээ болуп калгандар 1 чарчы метрди 350–400 долларга кайра субарендаторлорго ижарага беришет.

6 жылдан бери субарендатор болуп иштеп келаткан Назгүл айым шарттарды ким түзүп бериш керек? Администрациябы же арендаторлорбу? – деген суроого жооп таба албай жүргөнүн айтат.

– Ижарага бир витринага 25000 сом төлөйм. Бул жерде убагында ЦУМдан 100 доллардан алып калгандар бар. Аларга салыштырмалуу биздин киреше аз. Бирок товардын баасы бирдей. Кымбаттатып койсоң, кардар келбейт. Ал эми абал айтпаса деле көрүнүп турат. Ошондо шартты ким түзүп бериши керек, билбейм.

## Ижара баасын мамлекет чектей албайт

Анткени менен Кыргызстан базары мүмкүнчүлүктөрдү бөлүштүрүүнү мамлекет эмес, жеке ишкерлер жана ишканалар аныктаган экономикалык системага такалып турат. Бул кайсы тармак болбосун бааны өздөрү белгилейт деген кеп. Ушундан улам ЦУМдан өз баасы менен ижарага аянт алып, кайра башкаларга берип иштеп жаткандар "Ижара баасын ар ким өзү белгилеп алганга укуктуу, аны көзөмөлдөгөн орган жок" деген аргументти карманууда.

Бирок кайсы бир жаран ижарага имарат алып, соода жүргүзсө сөзсүз мамлекетке салык төлөшү керектигин юристтер белгилешет. Кыргызстан ишкерлер биримдигинин президенти Сатаров Мелис эгер арендатор салык төлөбөсө, мыйзамсыз иш алып барып жаткан болот дейт.

– Имарат ижарага берилип, соода жүрүп жатса, аны ижарага алган жаран сөзсүз мамлекетке салык төлөшү керек. Ошондой эле ижарага алып, кайра ижарага берсе келишим түзүлүшү керек. Ал эми бир гана ЦУМдагы абалды карасак, анда арендаторлор кайра арендага бергени жөнүндө эч кандай келишим кагазы жок. Бул анын жөн эле ооз эки түзүлүп келгенинен кабар берет. Эгер алар келишимди көрсөтө албаса, анда салык төлөбөй келгенин билдирет.

Мындай көрүнүш бир эле "Айчүрөк" соода үйүндө эмес, дээрлик баардык ири соода борборлорунда орун алган. Эмесе, Бишкектеги таанымал соода түйүндөрдүн ижара баасын чогуу карап көрөлүк.

**Дордой Плаза** «DORDOI PLAZA соода үйү» ЖЧК 1чарчы метр 20$;
**Бишкек Парк** Bishkek Park ЖЧК 180$;
**ЦУМ** «ЦУМ Айчүрөк» ЖЧК 2500 сомдон баштап;
**Vefa центр** «Озгюн Иншат Таахют ве Тижарет Лтд» ЖЧК 40$;
**Караван** "CARAVAN соода борбору" ЖЧК 17–30$;
**Рахат Палас** "Rahat Palace" ЖЧК 12–40 $;
**Red Centre** «Сентябрь Строй» ЖЧК 35–50$;

Бул көйгөй тууралуу "Айчүрөк" соода үйүнүн башкармачылыгынын пикирин угууга бир эмес бир нече жолу баш бактык. Бирок аракетибиз ордунан чыккан жок. Көрсө, аларга жетүү оңой эмес экен. Ушундан улам суроолорду расмий түрдө кат аркылуу жиберип, жообун бир топ убакыт күтүүгө туура келет.

Эскртсе кетсек, ЦУМдун түптөлгөнүнө 40 жыл болду. Алгач мамлекеттин эсебинде болуп, кийин менчиктештирилип кеткен. Учурда 3 824 460 баалуу кагаз болсо, ага 600дөн ашык акционер ээлик кылат.

АЙГҮЛ САМИДИН КЫЗЫ

# Кара-Кече көңүлүмө тынчтык, түнөгүмө жылуулук бересиңби?

Кыргызстанда кен иштетүү боюнча Кумтөрдөн кийинки эле бүтжет түзүүчү Мамлекеттик ишканалардын бири болуп Кара-Кече көмүр кени саналат. Кара-Кече Кыргызстандагы эң ири көмүр кендердин бири. Кеминде 400 миллион тоннадан ашык көмүрдүн запасы бар. Көмүр жер үстүнөн казылып алынгандыктан наркы да арзан. Ал негизинен Кыргызстандын түндүк облустарына жана Бишкек шаарына ташылат. Өз башынан бир канча жемкор президенттик башкарууну көргөн кыргыз эли менен кошо Кара-Кече көмүр кени да бүгүнкү күнгө чейин жерден боорун көтөрө албай келет

2010-жылы Бакиев бийлиги кулагандан кийин, Кара-Кече көмүр кени "Кыргыз көмүр" Мамлекеттик ишканасынын алдына кирген. Кендин ишин жолго коюуда мамлекеттик башкаруунун алсыздыгыбы, же туура эмес жүргүзгөн кадр саясатыбы, айтор, көп жылдан бери Кыргызстандагы кара алтындын эң чоң кору бар деген Кара-Кече көмүр кенинин тегерегинде чатактын ырбаганы-ырбаган. Жумгал элинин, ошондой эле кыргыз элинин таалайына бүткөн кенден эл байлыгына беш колун матырып, напсисин тыя албаган арам тамак шылуундардан баштап, алардан кем калышпаган уюшкан кылмыштуу топтор да өз ырыскысын таап жатат.

### 35 миллион кайда?

Эл өкүлү Мээрбек Мискенбаевдин айтуусунда, 2013, 2014, 2015-жылдар аралыгында жүргүзүлгөн "Кыргыз көмүр" мамлекеттик ишканасына Эсептөө палатасы жүргүзгөн аудит боюнча 35 миллион сом арам кекиртектердин кулкунуна гүр этип кирип кеткен. Ушундан улам кен тармагында иштегендер да эртеңки күнү келечек муун алдында Абыке-Көбөш сыяктуу бузуку, арам тамактардын образын элестетип калабы деген ой келет. Мамлекетке ак кызматыңды кылуу, балдарыңды адал ырыскы менен багуу, түрдүү интригалардан алыс болуу, өз башың менен иштөө, өз принцибиңде туруу, ар-намысты бийик тутуу деген сыяктуу моралдык сапаттарды жетиштирүү учурда мамлекеттик кызматта иштеген ар бир кызматкер үчүн атайын сабак катары өтүлүүсү керек болуп калган окшойт. Болбосо кыргыздын материалдык кызыкчылыкка негизделген "Артык дөөлөт баш жарбайт", же "Керектүү таштын оордугу жок", "Жебеген жердин алдында", "Азыр жиндилер гана жебейт" деген афоризмдерин туу тутуп, эл ырыскысына кол салганды жапа тырмак уланта беребизби? Эмесе, Улуу Жомокто "Көкөтөйдүн ашы – көп чатактын башы" деп айтылгандай, Кара-Кече чырынан кеп салалы.

### Акипрессте жыйын

Өткөн жумада Акипрессте Жумгал райондук кеңештин төрагасы Ажыгулов Калыбек, "Кара-Кечени коргоо" комитетинин тең төрагасы Жоробай Адисов, Кара-Кече филиалынын коллективинин өкүлдөрү – Абдыкадыров Кубат, Дөкөналиев Шайлоо аттуу адамдар пресс конференция беришкен. Ажыгулов Калыбек "Кыргыз көмүр" Мамлекеттик ишканасында болуп өткөн кадрдык орун алмашуулар боюнча төмөнкүдөй наразычылыгын билдирген.

– Эки жылдан бери "Кыргыз көмүр" ишканасынын Кара-Кече филиалында абал оңолуп, иштер өз ыргагына келип калган. Азыркы күндө кайрадан бул мансап талашуу процесстери жүрүп, баш аламандык жаралып, кенде жумуш токтоду. Мунун себеби, "Кыргыз көмүр" ишканасынын Генералдык директору Жакыпов М. жана анын орун басары Ашырбаевдин үстүнөн коопсуздук комитетинин коррупцияга каршы кызматы козгогон кылмыш иши себепчи болуп жатат. Негизи коюлган күнөөнүн бары тең негизсиз. Сотко кысым жасоодон алыспыз, тергөө иштери жүрө берсин. Бирок, алардын талабы боюнча убактылуу кызматтан чектөө боюнча талап коюлган. Алар ошол үчүн убактылуу иштебей жатышат. Тилекке каршы, алардын ордун таптакыр мыйзамсыз эле башкаларга берип коюшкан. Эгер алар сот процессинде өздөрүн актап чыкса, өздөрүнүн ордуна барыш керек эле да. Бирок ага мүмкүнчүлүк бербей, Ашырбаевди кызматтан четтетип, анын ордуна Бокешов Талантбекти биротоло ушул кызматка дайындо менен алган. Ушундан баштап иш ыргагы бузулган. Андан кийинки буйрук менен ушул эле Бокешовду "Кыргыз көмүргө" кайрадан генералдык директор катары убактылуу дайындаган. Бокешов өзүнүн мыйзамсыз турганына карабай, "Кыргыз көмүр" ишканасынын Кара-Кече филиалынын жетекчиси Ашыров Таалайды кызматтан четтеткен. Ошентип кызматтык талаш болуп, Кара-Кечеде жумуш токтоп калды. Бокешов өзү бир да басып барган жок.

Эми Бокешов дайындаган "Кыргыз Көмүр" ишканасынын "Кара Кече" филиалына Кадыров Адылбек Чалгынбекович директор болуп дайындалды. Биз мына ушул кен ишине такыр тиешеси жок адамдын келишине наразыбыз, – деп куйгүлтүккө түшүшкөн.



### Жетекчиликке жакпай калдым

Ушундан улам бизде "Кыргыз көмүрдүн" Кара-Кече филиалына жаңыдан шайланып, "Кыргыз көмүрдүн" жетекчилик эрк көрсөтө албаган жаңы жетекчиси тарабынан кызматынан кайра алынган Кадыров Адылбек Чалгынбекович менен байланышууга мүмкүндүк түзүлүп, ал төмөнкүдөй маек куруп берди:

– Бул пресс-конференция бирөөлөрдүн кызыкчылыгын коргогон, башкаларды каралаган пресс-конференция. Мен 2016-жылдын 16-июнунда "Кыргыз көмүрдүн" Кара-Кече филиалынын директору деген буйрук менен кызматка келгем. Адеп ишке келгенимде эле мурунку жетекчи Ашыров Таалай мөөрдү жана контордун ачкычын өткөрүп берген жок. Мен кенге баргандан кийин ал жердеги акыбал менен толук тааныштым да "Кыргыз көмүр" мамлекеттик ишканасына буга чейинки аткарылган иштер тууралуу маалымат алуу үчүн каттарды жолдой баштадым. Экономисттерди чакырып, техникаларга, күйүүчү майга, аралыктарга хронометраж жүргүзгүлө дедим. Экинчиден, карьер эреже боюнча казылганбы? Эреже бузуулар болсо, канчалык деңгээлде болгон деген сыяктуу суроолорго жооп издедим. Үчүнчүсү, бухгалтерияны сөзсүз түрдө эсеп палатасынын текшерүүсүнөн кийин өткөзүп алайын дегем. Атайын адистерди чакырып бул кесиндиде көмүрдүн канча кору бар, канча отвал болгон, көлөмү канча, анын ушул күнгө чейинки чыгымы канча болду деген маселелерди тактап алайын дегем. Директор болгондон кийин ушунун баарын тактап алып, анан андан кийинкилерин өзүм эсептеп жүрүшүм керек эле. Мен ушуларды талап кылгандан кийин бизге каршы жогорудагыдай пресс-конференциялар уюшула баштады. Ошондон тартып мен өз жетекчилигиме да жакпай калдым. Пресс-конференцияда сүйлөп жаткандар эч кандай кенге тиешеси жок адамдар.

Мискенбаев айткан 35 миллиондун ызы-чуусу башталганда булар соттук териштирүү бүткөнгө чейин деп иштен четтетилген. "Кыргыз көмүргө" Талант Бокешов аттуу адам убактылуу директор болуп келген. Ал киши болсо мени бекитет. Бирок, бул жердеги башка кызматкердин баары мурункулардын командасы болуп атпайбы. Эми булардын финансылык тартип бузуулары барбы, жокпу аны деле билбейм. Бирок, кай жерде болбосун башкы бухгалтер көп нерсени чечкендиктен, мен башкы бухгалтерге каршы бир нерсе ойлонгон адам сыяктуу болуп калдым. А менин максатым жөн гана мурунку жетекчиликтен тиешелүү нерселерди өткөрүп алуу болчу. Эртеңки күнү бирөөнүн кылган иштерине мен жооп бербейм да. Мен ошол эле максатта гана ушундай каттарды жазгам.

Бирок алар мен сураган нерселерге жооп бергендин ордуна, "Анын адистиги кен иштерине коошпойт" деген шылтоо менен кызматтан алышты. Айтайын дегеним, иштер ушундай болуп аткандан кийин мунун аркасында биз билбеген бир нерсе болушу керек. Ушул жагын Өкмөт катуу көзөмөлдөшү зарыл. Өкмөт өзү ишеним көрсөтүп, булганбаган, таза, так деп алып келди эле, кайра эски система мага каршы чыкты. Мен ал системага жагымсыз оюнчу болуп калдым. Алардын оюу боюнча мен мурункулардай болуп жөн гана басып жүргөн, кагаздарга кол койгон сүрөт эле болушум керек экен. "Кыргыз көмүрдүн" башкаруу системасында мандем болгон үчүн коррупциялык схемалар ишке ашып жатат. Таза иштебеген жерде мыйзамсыз нерселер көп болот. Андай жерде криминал дагы, уюшкан кылмыштуу топтор дагы өз энчисинен куру калбайт. Элдин байлыгын уурдап алып май чайнап атсаң, алар да "бөлүшпөйсүңбү" дейт да. Буюрса, жакшылыктан үмүтүбүздү үзбөйбүз. Кара-Кече көмүр кени мамлекетти өнүктүрүүдө келечеги абдан чоң. Жылына миллион тонна көмүр казып чыгууга кудурети жетет. Бул иште негизги нерсе – ишти туура башкаруу, жана маркетингди жолго коюу болуп эсептелет. Айтмакчы, менин кесибим – Мамлекеттик кызмат жана кадрдык саясат адистиги боюнча менежмер экенин жана адистигим ишиме дал келээрин айрымдарга эскерте кетмекчимин.

ТАЛГАТ ДЕРКЕНБАЕВ

# Көмүрдү топурака, топуракты акчага айлантышат

КСДП фракциясынын жаш депутаты, канкор Бакиевдин бийлигин кулатууда тайманбай алга чуркап, жамбашына ок жеген баатыр Мээрбек Мискенбаев менен учурда ал козгоп жаткан көмүр маселеси боюнча маек алып, пикирин угуп кайттык



### "Баарын сотто далилдеп берем"

Коррупциялык иштерди айткан сайын коом башкача карайт экен. Депутат болуп келгенде катуу жалын менен келгем. Бирок депутат болгондон кийин балакет болсо да унчукпай отуруш керек окшойт. Бир адамдын ууру экенин айтсаң, ал сенден өтүп ууру деп кыйкырып чыгат. Эртең өлтүргөн туруп, асылып өлдү деп айтып коюшу мүмкүн. Булардан баарын күтсөң болот. Бир пиар компанияны жалдап алып, бүт жактан жамандап жазышат экен. Коррупционерлер аялынды да сага каршы кылып коюшат. «Айкөл Ала-Тоо» коомдук бирикмеси мени акча жеди деп чыкты. Ал эми Марипа Алыкулованын өзүнүн бул коомго тиешеси жок. Ал дежур болуп келген, канча акча бергенин да билем. Айлам кеткенде сотко бердим. Эми соттон далилдеп берем. Эгер ушу сотто да уурулугун далилдеп бере албасам анда мага парламентте отуруунун кажети жок. 2010-жылы революцияда күрөшүп жүрүп ден-соолугумдун баарын бердим. 1,5 жыл төшөктө жаттым, депрессияга чалдыктым, майып болдум. Менин корко турган эч нерсем жок, байлыгым дагы жок. Болгону 1 бөлмөлүү үйүм бар. Эл катары эле маршрутка менен жүрөм.

### "Намысым мандаттан бийик турат"

"Кыргыз көмүрдө" 2013-жылдан 2014-жылга чейин эсептөө палатасына жүргүзүлгөн аудиттин негизинде 12 миллион сомго чамалуу финансылык бузуулар болуптур. 2015-жылды текшергенде ал каражат 35 миллион сомдун өлчөмүндө көрсөтүлгөн. Азыр эсептөө палатасы 2016-жылдыкын текшере элек. Эгерде бул жылдыкы текшерилсе, көп былыктар чыгат. "Кыргыз көмүр" ишканасын мурдагы жетекчилери өз кызыкчылыгына пайдаланып келген. Мен көтөрүп жаткан маселе коррупциялык схемалардын учу эле. Эгерде аны ЖМКлар казып чыкса артынан миллиондогон долларларды жеген арам тамактардын куйругу чыгат. "Кыргыз көмүрдүн" мурдагы жетекчилери жөн гана оюнчулар. Алардын артында көзөмөлдөп турган бирөөлөр бар. Мына ошолордун былыгы чыгып калбасын деп ар кандай амалдарды издеп жатышат.

Азыр жаңы илинчектери да көрүнө баштады. Алардын баарын кошуп Эсеп палатасына, ИИМге, прокуратурага чейин текшергиле деп жазып атам. 35 миллион жеди деп атабыз, бирок андан да көп чыгышы мүмкүн. Булар турган көмүрдү топурака айлантып, топуракты акчага айлантат экен. Уурдайт десе эле көмүр уурдап сатат деп жүрө бериптирбиз. Деги аман болсок, баары билинет. Аягына чыгам. Намысым мандатыман да бийик турат.

### "Күнөөм болсо, сотко берсин"

Эгер менин күнөөм болсо, анда сотко беришпейби. Бул ишти сот териштирип, ким таза болсо ошол чыксын. Булар атайын 3 күн сайын маалымат жыйын өткөрүшүүдө. Айткандарына жооп берейин десең бардык маалымат булактары төлөнүп калган. Анан каяктагы чындык?

Анын үстүнө булардын үстүнөн көзөмөлдөгөн күчтүү адамдар бар. Ошондуктан бизге бул тууралуу толук жол ачылбай жатат. Мисалы АКСге сурам жөнөтсөк жооп бербейт. Ошондой эле "Кыргыз көмүрдүн" ичиндеги финансылык бузууларга, мыйзамсыз келишимдерге колубуз жетпей турат. Жаңы келген жетекчилиги эч нерсе билбейт. Эски жетекчилер документтин баарын алып кетишкен. Туугандарын коюп алган деп жатышпайбы. Убагында Канат Ашырбаев революциядан кийин жасалма баатыр деген наамды жасатып алыптыр. Анысы аз келгенсип 1 бөлмөлүү үй алып алган. Бул нерсени билгенден кийин Ашырбаевден үй менен наамды алып койгом. Ал мага ошондо катуу таарынып калган.

### "Кримтөбөлдөргө берчүсүн берип, бизнесимди сактап калсам болмок"

2000-жылы 18 жашымда Таласта митингдерге катышып жүрдүм. 2005-жылы да революцияга катыштым. Бакиевдин убагында да чыгып, 4 жолу камалдым. Аягында бизнес менен да алектендим. Анда дагы Жаныш Бакиевдер бизнесимди тартып алып, Анапияев мени бычак менен сайып өлтүрүп коё жаздаган. Кээ бирлер "Мискенбаев боёк сатып эле иштеген" деп айтып жүрүшөт. А эмне боёк саткан адам депутат боло албайт бекен? Убагында боёк да саткам, бөтөлкө да чогулткам. Себеби, мен жетим чоңойдум да. 7-класска чейин айылда окуп, кийин спорттук интернатта билим алдым. Ошону мен өз нанымды өзүм таап жедим. Эч кимди алдаган жокмун, уурдаган жокмун. Ошол убакта деле кримтөбөлдөргө берчүсүн берип, бизнесимди сактап калсам болмок. "Эмнеге берет экем?!" деп жүрүп өлүп кала жаздагам.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Мекен жөнүндө көп ойлончу болдум

"Жашоодо ар бир адамдын өз ою болуш керек. Ошондуктан эки жакты карап алаксыбай максатыма жетүүгө умтулам", - дейт спортчу Каным Бурхан кызы. Эмесе анын гезитибизге берген маегине назар салыңыз

### Чоң ата, чоң энеге эркелеп өскөн кызмын

Талас шаарынын Бал-Бал айылында Беш-Таштын суусун ичип, таза абасынан кере-кере дем алып, чоң-ата чоң-энеге эркелеп, алардын тарбиясын алып чоңойгом.

Атам спорт чебери, чыгыш күрөшү, эркин күрөш менен машыгып келген. Кичине кезибизде атам балдарды машыктырып калчу. Биз аны карап олтура берчүбүз. Кийин эле кызыгуубуз артып, балдардын жасаганын туурап үйрөнө баштадык. Атам чоң-чоң балдарды машыктырганы үчүн, биз алар менен машыга алчу эмеспиз. Качан алар кеткенде өзүнчө көнүгүүлөрдү жасап, балдардын жасагандарын кайра-кайра кайталап, үйдү башыбызга кийчүбүз.

9-класста иним экөөбүз ден-соолукту чыңдайлы деп спорттук мектепке барып жүрдүк. Бир күнү агай: "кыздар арасында турнир болот, сен катышасың" деп айтып калды. Кыздар арасында дегенде дароо эле макул болгом. Себеби буга чейин балдар менен күрөшүп чыгып ийгилик жаратып калган жайым бар болчу. Ошентип турнирге чыгуу – 9-класстан башталды.

### 15 мамлекеттин ичинен 3-орун

Мектепти бүтүп Бишкеке келип Манас университетинин спорт факультетине тапшырдык. Бул жактан дагы көптөгөн спорт залдарга бардым. Машыктыруучу агайлары көп болду. Себеби көп спорт залдар ар кандай себептерден улам жабылып, же машыктыруучу жок болуп калып жатты. Бир жолу агайыбыз: "Сен кыздар арасынан эркин күрөш боюнча Азияга чыгышың мүмкүн. Кыргызстандын намысын коргоп келесиң", – деп айтып калды. Ата-энеме айтсам "Койчу, каяктагы Азия" деп маани деле берген эмес. Кийин эле чакыруу келип Моңголстанга жөнөп кеттик. Ошондо 15 мамлекеттин ичинен 3-орунга ээ болуп кайтканбыз. Бул менин кичине болсо да алгачкы ийгилигим болчу.

### 2013-2014-2015-жылдары Кыргызстандын чемпиону



2013-жылдын ортолорунда Евразияга баруу үчүн кыздар арасында дагы күрөш болуп өттү. Насип болуп анда да биз утуп, Казакстанга барып келдик. Негизи ар бир жылы Кыргызстандын чемпиону аныкталып, жеңгендер чет жактарга чыгып турат. 2014-2015-жылдары да жеңиш биз тарапта болуп, Азияга чыгып келдик.

Жакында эле самбо күрөшү боюнча Түркмөнстанга барып келдик. Анда деле Кыргызстандан 60 спортчунун ичинен 6 спортчу тандалып бардык.

### "Жоолугуң тоскоолдук кылбайбы?"

Түркмөнстанга жөнөп жатканда кээ-бир адамдар "Жоолугуңду алып, шапка менен эле киресиңби" деп айтып калды. Бирок мен макул болгон жокмун. Ошол бойдон бардым. Барсак биз ойлогондон да башкача тосуп алышты. Чек арада турган аскерлер таң калып "Сен дагы спортчусуңбу? Кубанычтабыз, ийгилик каалайбыз" деп каалоолорун айтып, таймаштан чыкканда "Кандай болду?" деп жан талашып сурагандары аябай кубандырып, толкутуп турду.

Бул таймашта 17 мамлекеттин ичинен 3-орунга ээ болдук. Негизи машыгуудагы ыкмалар, кыймыл аракеттер бардык мамлекетте бирдей эле. Болгону ошол ыкмаларды кайсыл учурда кандай колдонуу керек, ошону жакшы үйрөнүп алыш керек.

Жаш кошкон сайын салмак да көбөйө берет. Буга чейин 2013-2015-жылдары 38, 40 кг. менен күрөшүп келсем, бул жолу Түркмөнстанга барганымда 44 кг. салмакта ат салышып келдим. Азыркы учурда 48ден 50 кгга чейин күрөшүп жаткан учурум.

### Бекжан агайым өзү жетелеп кетти

Кичине болсо да ийгилик жаратканыма себепчи болгон агайларыма терең ыраазычылык. Өзгөчө Бекжан Эсенбаев агайым спортко кадам таштагандан баштап өзү жетелеп кетти. Башында кыйынчылыктарга карабай машыктырып, ар кандай турнирлерге катыштырып, каражат жетишпей баратса өзү издеп таап келген учурлары болгон. Ар кандай кыйын кырдаал болсо да жеңип чыгып, колдон келген жардамын берип жүрдү. Андан тышкары, Кубан Эркинбеков агайым да менин ийгиликке жетүүмө чоң себепчи болду.

Учурдан пайдаланып Түркмөнстанга барчу сапарымда колдоо көрсөткөн ар-бир ага-эжелериме терең ыраазычылык билдирем.

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Акталбаган үмүт



**Редакциябызга кайрылган Эльмира Дүйшеева аттуу жаран укук коргоо органдарынын жалаасы менен баласы Жеңиш Мусаев 13 жылга камакка алынганын айтып көз жаш алды. Дүйшеева акыйкат издеп барбаган жери, какпаган эшиги калган эмес. 2 жыл аралыгында укук коргоо органдарынын айынан, өмүрү көрбөгөн көргүлүктү көргөнүн айтып кейиди. Акыркы үмүтү өлкө башчы Алмазбек Атамбаев менен экс-депутат Равшан Жээнбековдо экенин айтат**

1968-жылы Эльмира Дүйшеева Кочкор районунда туулуп-өскөн. Турмушка чыгып, балалуу болгон. Баласы чоңойгондон кийин күйөөсү кайтыш болуп, баласы экөө Токмок шаарына көчүп келишкен. Жалгыз уулу Жеңиш баңгизат сайынып жүргөнүн 1,5 жылдан кийин гана билет. Эльмира билген убакта баласы баңгизатка көз каранды болуп калган экен. Баласы апасына баңгизатты эки-үч жолу колдонуп көргөн соң кызыгып калганын айткан. Ошол убакта Жеңиштин жакшынакай, телегейи тегиз үй-бүлөсү бар болчу. Жеңиш бир уулдун жана бир кыздын сүйүктүү атасы жана жубайынын сүйүктүү жары болгон. Бул каргашалуу окуя кандай болуп башталганын апасы Эльмира Дүйшеева төмөнкүчө айтып берди.

## "Балаңды түрмөгө чиритем"

– Балама бир бала чалып, жолугуп жүрдү. Ал баңгизат колдонуп жүргөнүн 1,5 жылдан кийин билдим. Көрсө, мен билген убакта баңгизатка көз каранды болуп калыптыр. Токмок шаарынын ИИБинде иштеген Мураталиев Майрамбек "1-2 жолу колдонсоң эч нерсе болбойт" деп отуруп баламды көндүрүп бүткөн. Кийин уулум Мураталиевден маңзат сатып алып жүрдү. Майрамбек мурда Токмокто иштечү. Кийин Чүй облустундагы Ички Иштер Башкармалыгында иштеп калганын айтты. Ошол убакта ал баңгизатты өзү сатпай башка бирөөлөргө саттырып калды. Уулум героинди орус аялдан акчасы болгондо сатып алып калган. Ошондо балам тынчтык бербейт деп Бишкекке келип дүкөндө жатып, иштетип жүрдүм. Бир жолу уулум унаасы бузулду дегенинен 500 сом берип жөнөттүм. Бир саат өтө электе эле Майрамбек кара машина менен келип сүйлөшөлү деди. Унаанын ичине отурсам "Балаңыз героин сатып алат экен. Алган жерин бизге айтып берсин. Силерге да акча бөлүп берем, шабашка болот" деген. Анын айтканына көнбөсөк, "Балаңдын унаасына таштаймбы, чөнтөгүнө саламбы, иши кылып аны түрмөгө чиритем" дегенинен экөөбүз уруша кеттик.



Арадан эки күн өткөндөн кийин саат 4 чамасында уулум чалып милицияга түшкөнүн айтты. Келиниме чалсам, үйдөмүн деди. Үйгө кирсем, үй анчалык деле чачылбаптыр. Бер жагын эле карап, "Үйүңөрдөн 71 грамм героин табылды" дешиптир.

Үйдө героин эмес, тамеки да турбайт. Табылган героинди көргөзгүлө десем такыр көргөзбөй коюшту. Жеңиштин унаасы көптөн бери айдалбагандыктан карайын деп чыккам. Бирөө баламдын унаасын "досумдун унаасы" деп ичин аңтарып жатканынан участковойго чалып баштаганда аркасын карабай качып кетти. Ошол убакта кошуна балдарды чакырып унаанын ичин карап атып алдыңкы орундуктун астынан кара чайырга окшогон бир нерсе таптык.

## "Өлтүрүп коюшса иш жабылмак"

– Милицияда баламды уур-токмокко алып отуруп, ичин жарып ийишиптир.Тез жардам да чакыртышкан жок. Эртеси күнү прокуратурага барсам прокурор жок экен. Прокурордун орун басары келгенибиздин себебин сурабай туруп ит куугандай чыгарып койду. ИИБге келип баламды таппайм. Анан өң тааныш бирөөдөн уулум тууралуу сурасам аны түнү бою токмокко алышканын айтты. Ал эми жарылган ичин өздөрү кол менен тазалаптыр. Тергөөчү экөөбүз аябай уруштук. Анткени жалган жалаа жаап атышпайбы. Балам сабатсыз болгондуктан документтерге мен кол коюп берем десем, алар болбогон иштерди жаздырып коюптур. Балама жалаа жабышарда тергөөчү да бар эле. Мен булар чогуу иш кылып жатышат деп ойлоюм. Баламдын эч кандай күнөөсү жок. Кудай кут кылсын балам август айынан баштап намаз окуп, орозо кармап, баңгизатты таштаган. Акыйкат издеп барбаган жерим калган жок. Каякка барбайын "макул" деп эле чыгарып коюшат. Мен кайсыл жака арызданып барбайын Мураталиев "Энең жашагысы келеби? Эркиндикте жашагың келеби?" деп ур-токмокко алат. Токмоктогу КПЗнын жетекчиси соттон кийин уулумду 3 күнгө Кеминге алып барат. Ал жолдо баратып кара унаадан героин алып Жеңишбектин жанында отурган балага карматат. Абактагылар уулумдун мурда героин сайынып жүргөнүн билет, бирок таштаганын билишпейт да. Героин алып келгенге балага балам таштоо жолун үйрөтүп, аман калат. Көрсө, ал героинди чеккенде киши өлгүдөй кылып атайын даярдашкан экен. Балам аны сайынып алса өлүп калмак да иш оңой жабылмак. Бирок, тилеке каршы, жаман ойлору ишке ашпай калды. Эки жылдан бери көрбөгөн кордукту көрдүм. Майрамбек деген милиция мага далайды көргөздү. Баламды баңгизатка да ошол өзү отургузду. Алла үнүмдү угуп, балам баңгизатын таштады. Эми ушул айдын жыйырма биринде уулум жалган жерден 13 жылга соттолду".

Абакта жаткан Жеңиш 2007-жылы үйлөнүп, эки балалуу болгон. Бирок ушул каргашалуу окуядан кийин аялы Казакстанга кеткен бойдон дайынсыз. Ал эми бизге кайрылган апа өзү батирде турат экен. Эки айдан бери батирге төлөгөнгө акчасы жок. Ал эми ижарага алып иштеткен дүкөнүнөн майнап чыккан эмес. Учурда бара турган жери, жардам сурай турган кишиси жок экенин айтып буркурайт .




Ал өз уулунан сырткары Токмоктук Антон аттуу баланы да Майрамбек Мураталиев 200 грамм баңгизат менен жалаа жаап отургузганын кошумчалады.

Апа Майрамбек Мураталиев Чүй облусунун Ички Иштер Башкармалыгына которулганын айткандыктан биз ага жолугуу үчүн аталган бөлүмгө бардык. Бирок ал жерден Майрамбек Мураталиев аттуу кызматкер иштебегенин айтышты. Ошондой эле Токмок милициясына чалып "Майрамбек Мураталиев тууралуу сурагыныбызда, алар Токмокто иштеп кеткенине көп жыл болгонун айтышты. Натыйжада аны таба албагандыктан, байланыша алган жокпуз.

## "Балдары темир тор артында түшкөндө гана кайрылышат"

Ушундан улам "Кылым шамы" укук коргоо борборунун жетекчиси Азиза Абдирасуловага жөнөкөй жарандарга органдар тарабынан ушундай жалаа жабылышы мүмкүнбү? Адам мындай абалга кабылса кантип өз укугун коргошу керек? деген суроо менен кайрылып төмөнкү жоопторду алдык:

– Чынында атайын эле жалаа жабылган учурлар көп эле болот. Биздин борборго убагында кайрылгандарга тезирээк жардам беребиз. Көптөрү качан гана сот иши бүтүп, балдары темир тор артында калганда кайрылышат. Бирок андай убакта жардам берүү кыйын болуп калат. Жарандардын кеч кайрылуусунун себеби алар өздөрүнүн укуктарын билбейт, кимге кайрыларын билбейт, мыйзамды билбейт. Көпчүлүк жарандар акча, тааныш аркылуу иш бүтүргөндү үйрөнүп алышкан. Таанышың болмоюн ишиң бүтпөйт, акчаң болмоюн эч нерсе бүтпөйт деп жактоочуларга, тергөөчүлөргө барып жүрө беришет. Убагында тиешелүү керектүү, документтерди чогултпай, тиешелүү органдарга кайрылбай убакытты өткөрүп жиберишет. Бизге жалаага калгандар, мыйзамсыз кармалгандар, уруп сабоого дуушар болгондор канчалык эртерээк кайрылса, жардам берүү да ошончо жеңил болот. Жалаа жабуу учурунда кайсыл мыйзамдар бузулганын далилдегенге да болот. Ур-токмокко алынган жарандын ишине прокуратураны, доктурларды кошуп, соттук медициналык экспертизанын жыйынтыктарын чыгарып далилдегенге, укугун коргогонго оңой болот. Милицияга түшүп, соттун чечими чыкканга чейин 6 айдан 1,5-2 жылга чейин убакыт өтүп кетет. Бизге көбүнчө 6 ай өткөндөн кийин кайрылышат. Биз куру сөз менен эмес, медициналык экспертиза менен, далил заттары менен, күбөлөрдүн көрсөтмөсү менен далилдегенге аракет кылабыз.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ,
АЙЗАДА НУРАДИЛЬЕВА

# Баланын пайдалуу эс алуусу

Жайкы эс алууга чыгарда “Муну жаттап келбесең көрөсүң” деген коркутуп-үркүтүү да, “Сен ушуну жаттасаң андроид алып берем” деп ашкере сыйлык убада кылуу да дурус болбойт. Эки абалда тең балада туура эмес сезимдер калыптанып калат. Биринчисинде, динге байланыштуу коркуу сезими калыптанат. Экинчисинде, бала сыйлыкты гана максат кылып, диний баалуулуктардын маанисин билбей калат

## Мамлекет бербеген илимди жайында алуу

Бала тарбиялоо боюнча бул санда балдардын жайкы эс алуусуна токтолсок туура болот. Азыр бардык балдар эс алууга чыккан, ата-энелер балдарынын жайкы эс алуусун кантип пайдалуу өткөзсөк деп аракет кылып жүргөн кез. Мамлекет тарабынан эмес, бейформалдуу эс алууну сунуштагандар аз эмес. Учурда Муфтият баш болуп ар түрдү диний фонддор эс алуу иш-чараларын өткөрүүдө. Дин талабына жараша жашагысы келген ата-энелер мектеп учурунда берилбеген дини тууралуу маалыматты балдарына жайкы каникулда бергенге аракет кылышат. Биздин баалуулуктардан кабары болсун деген ниетте Куран окуганды, арапча окуганды үйрөнсүн деп балдарын диний лагерге жөнөтүшөт.

## Ушул суроолорго жооп алмайынча баланы бербеңиз

Бул жерде өз динин баласына үйрөтүү өтө чоң жоопкерчиликти талап кыларын унутпоо керек. Аны кайда жөнөтүп атабыз? Ал кайсы уюм? Кайсы мугалимдер окутат? Окуу канча күндүк болот? Кандай шарттар түзүлгөн? Окууда кайсы материалдарды колдонушат? Окутуп жаткан мугалимдердин билим деңгээли жетиштүүбү? Бул окутуу усулу баланын курагына ылайыктуубу? Ушул суроого так жооп алган соң гана баланы диний эс алуу жайына жөнөтүш керек. Ар кимдин сөзүнө кирип жөнөткөн жерибиз балабызга оң эмес, терс таасир берип коюшу ыктымал.

## Диний уюмдар ата-эненин аруу тилегин акташы керек

Эмне үчүн терс натыйжа бериши мүмкүн? Учурда биздин, мусулмандардын эң аксаган жактарынын бири – диний билим берүү экени жашыруун эмес. Диний билим берүүдө заманбап педагогика, психология илимдерин кереги жок деш туура эмес. Педагогикалык, психологиялык усулдар сөзсүз эске алынып, колдонулуусу керек. Ата-эне балдардын өз дининин баалуулуктарынан кабардар болуп, диний жөрөлгөлөрдү, өзгөчө куран, намаз окуганды үйрөнсүн деген аруу максат менен жөнөтүшөт. Ата-эненин мындай аруу тилегине жайкы эс алууну уюштурган уюмдар, мекемелер да жооп бериши керек.

## Сүйдүрүү жаттатуудан маанилүү

Бул жоопкерчиликти алган мусулман тарбиячылар баланын дүйнөсү, баланын түшүнүгү, баланын деңгээли, баланын кабыл алуу жөндөмү, баланын тили, баланын ой толгоосуна жараша мамиле кылышы керек. Бала жыл бою окуду, чарчады. Жайкы каникулга эс алам деген, ойноймн деген ой менен чыгат. Ал нары бас, бери бас деген рамка менен коштолгон мектептик процесстен тажап, эми эркин болом деген ойдо. 12-13 жашка чейинки балдарга өтө кылдат мамиле кылыш керек. Ошондуктан Куран, намаз, диний баалуулуктар боюнча кабардар кылуудан да мурда, ага динди, диндар адамды сүйдүрүү биринчи орунда турушу керек. Бала алган, үйрөнгөн маалыматын, жазган тамгаларын унутуп коюшу мүмкүн. Бирок, ошол процессти коштогон сүйүү сезими калышы керек.

## Диндар ата-эне баланын динине зыян бербесин

Ата-эне мындай эс алуу жайларына: “Сен 10 күнгө баратасың, сен үчүн акча берип жатам, жакшы үйрөнгүн, уят кылбагын, жакшы үйрөнбөй келсең көрөсүң”, – деген коркутуп-үркүтүү менен жөнөтсө туура болбойт. Ошондой эле анын тетирисинче: “Сен ушуну жаттап келсең сага компьютер, андроид алып берем” деген аша чапкан сыйлыктарды убада кылуу да дурус болбойт. Эки абалда тең балада туура эмес сезимдер калыптанып калат. Биринчисинде, ата-энеден коркуп гана үйрөнгөндүктөн, сөзсүз динге байланыштуу коркуу сезими калат. Аша чапкан сыйлык да кесепетин тийгизет. Бала сыйлыкты максат кылып калат да, диний баалуулуктардын маанисин, мазмунун, түшүнүгүн билбей калат. Жалпы педагогикалык процессте да, диний билим берүүдө да муну эске алышыбыз керек. Ошентип баланын диний тарбиясына диндар ата-эне эң чоң зыян берген болот.

## Бала жактырса өзү өркүндөтүп кетет

Баланы динге көндүрүү оюн түрүндө өтүүсү өтө маанилүү. Ошол жердеги программалар жөнүндө баланын көңүлүндө жаркын элестер калышы керек. Кийин “барасыңбы же барбайсыңбы?”, дегенде бала сүйүнүү менен “барам” деген болсо, бул чоң утуш. Ошондуктан мында ата-энелердин, эс алууну уюштуруп жаткан мекеменин, ал жердеги мугалимдердин максаты диний программаларды сүйдүрүү болушу керек. Бере турган баалуулуктар, аны коштогон процессти бала чын жүрөктөн жактырса, убакты-сааты келгенде диний билимин өнүктүрүп, өркүндөтүп кете алат.

## Чоң эмес, чакан белек же таттуу

Эс алууну уюштургандар программалар жөнүндө педагогдордон кеңеш алып, алар менен баарлашып, бала психологиясы, педагогикалык усулдар жөнүндө көп китеп окуп туруулары керек. Куранды жаттатууда, башка диний баалуулуктарды үйрөтүүдө аша чапкан белектердин ордуна, балмуздака окшогон таттууларды, же болбосо китепчелерди, же ушуга окшогон чакан, жагымдуу нерселерди утушка коюшубуз керек. Окуу процесси футбол, коопсуз жайдагы суугa сүзүү сыяктуу спорттук оюндары менен коштолуусу керек. Бала ошол диний эс алуу жайында өткөргөн процесси кубануу, жактыруу менен эстесе кандай сонун.

## Аңгеме, жомок пайдалуу болмок

Эмне үчүн биз чоң апалар, чоң аталар айткан жомокторду аябай угабыз? Эмне үчүн ошол жомоктор эсте калат? Тарбиялык жактан ошол жомоктордун көп пайдасын көрөбүз. Ошондуктан балдарга түшүндүргөндө чоң кишилер араң түшүнө турган усулдар менен эмес, аңгеме аркылуу түшүндүрүү зор пайда берет. Аңгеме менен түшүндүрүү усулу педагогдор сунуштаган нерсе. Балага диний сабак берем деген мугалимдер алдын-ала даярдалышы керек. Ар бир тапшырмага, ар бир эрежеге, ар бир бериле турган баалуулуктардын тепкичине байланыштуу аңгемелердин, кызыктуу окуялардын айтылуусу балдардын көңүлүнө жаккандай эле, албетте, акылына да жугат. Ошондуктан бул усулду сөзсүз эске алышыбыз керек. Балдардын жайкы каникулу маалында жогоруда белгиленген нерселерди эске албасак, диндар муун эмес, динге көмүскө душман муундарды чоңойтуп алуу коркунучу бар.

## Интернеттен толугу менен ажыратпагыла

Эс алуучу жайдагы шарттар балдарга жагымдуу болушу керек. Компьютердин же интернетке байланыштуу нерселердин толугу менен тыйылуусун талап кылуу да туура эмес. Беребиз деген диний баалуулуктарга байланыштуу интернет талаасында кандай булактар бар экенин айтып, балдарга аларга кантип кошулуу керектигин түшүндүрүп берүү жакшы натыйжа берет. Балдардын баары телефон, компьютер, интернет колдонот, алардан узак мөөнөт ажырап калууну каалабайт. Тыюу салуунун ордуна туура интернет булактардын альтернативасын сунуу менен диний баалуулуктарды сүйүүнү, аларды билип пайдалануу үчүн изденүү сезимдерин калыптайт.

## Жалаң көңүл ачууну гана максат кылбаш керек

Мындан сырткары, оюн-зоок жана жеңил-желпи көңүл ачууга багытталган жайкы эс алуу лагерлери да бар. Уулун же кызын мындай жерге жиберерден мурун, ата-эне жоопкерчилигин сезип: “Ушундай лагерге жөнөтүп жатам. Мен ал жерден балам кандай натыйжа менен кайтуусун каалайм”, – деп келечекте баласына койгон максатын тактап алуусу керек. Ал жерде баланы мисалы өзүмчүлдүккө, бейбаштыкка үйрөтүп койбойбу деп этият болуш керек. Анан жөн эле чарчады, элден өзгөчө жерге жиберейин деген максатсыз максат көздөө туура эмес түшүнүк.



Алтын муун тобунун материалын даярдаган АЙЗАДА НУРАДИЛЕВА

# Мамлекет кызмат сунууда артта калды



Мамлекеттин чабалдыгы адамдардын, кыргыздын өзүнө болгон ишенимине кедергисин тийгизип келет. «Кыргызга берилген жол салынбай калды» деген туура эмес. Кыргызстанда, керек болсо чет өлкөлөрдө чоң-чоң жамааттарды ийгиликтүү иштеткен кыргыз аз эмес





## Мусулмандык эс алууга ылайыктадык

Көл жээгинде көп жеке менчик пансионаттар ачылды. Ар бир пансионаттын келген конокторду өзүнө тарткан концепциясы болушу керек. Эс алуу жайдын жайгашкан жеринин өзгөчөлүктөрүн пайдалануудан сырткары, азыр кардар эмнени каалап, талап кылганын жакшы билсең ийгиликке жетесиң. Учурда өз дининин талаптарына жараша жашайын деген мусулмандар көбөйдү. Ошондуктан биздин эң биринчи жана негизги өзгөчөлүгүбүз – коомдогу ушул тез көбөйүп жана байып бара жаткан тайпанын талаптарына жооп берүү болгон. Башында аялзаты үчүн бизге тиешелүү көлдүн жээгин жабылган конструкция менен тосолук деген ой бар эле. Бирок мамлекеттин көлдүн жээгин толук жапканга болбойт деген талабы бар экен. Ошондуктан биз аялзаты үчүн жээкке көлдүн суусу толтурулган бассейн салдык. Албетте берилген тамактардын баары адалдыктын талаптарына жооп берет. Экинчи өзгөчөлүк – нанызда. Бардык тамак-аш бул жерде чыккан булактын суусуна жасалып, аябай даамдуу болот. Ушундай эле ун менен башка суу кошуп жасалган ун азыгы мындай даамдуу болбосун көрдүк. Үчүнчүсү – пансионаттагы бардык имараттар табигий материалдардан курулган. Жыгачтын, кирпичтин түсүн, көлөмүн сактоо менен салынган.

## Эл табыгыйлыкка качырууда

Көлдө жайдыр-кыштыр күн көп тиет. Ошол эле убакта көлдүн жээги дайыма салкын болот. Биз күндүн жылуулугун толук пайдалануу ниетинде терезелерди чоң кылып, күн тарапка каратканбыз. Заманбап адам төрт чарчы, кырдуу нерселерден чарчаганын эске алып, боз үй формасында эки кишилик чакан жатакана куруп чыктык. Боз үйдүн уук-керегелерин эске алуу менен анын ички жасалгасын окшоштурганбыз. Ичиндеги бардык жасалгалар, жылуулук жана салкындык сактоочу нерсенин баары табыгый




материалдардан жасалган. Жыгач кандай кесилсе ошондой бойдон керебеттерди жасадык. Боз үйдүн кийизине окшотуп, ич тарабын атайын туш кагаз менен каптадык. Ошол эле убакта кардар үчүн ыңгайлуу болот деп ажатканасы жана жуунуучу жайын ичине жайгаштырдык. Кардарлардын басымдуу бөлүгү биринчи кезекте ушул боз үйлөрдү тандайт.

## Көлгө кайтып келишет

Бизде көлдө жайында эле эс алуу керек деген туура эмес ой калыптанып калган. Көлдүн суусуна жыл бою түшсө болот. Суудан да маанилүүсү көлдүн абасы. Мемиреген тынтчыгына карап келсе болот. Кышында адам аз кезде эс алган абдан сонун. Көл жээгин бойлой бассаң психологиялык жактан жеңилдейсиң, мээң эс алат. Мен Түркиянын Анталиясына, дагы ушул сыяктуу атагы чыккан көп жерге бардым. Биздин Ысык-Көлдүкүндөй аба ырайы эч жерде жок. Алардын деңизине түшсөң деле эс ала албайсың. Биздин көлдү билгендер, чет өлкөнүн курортторунан кийин сөзсүз бизге келип кетишет. Анткени ал жакта эс алгандай деле болушпайт. Биз алысты кой, коңшу мамлекеттерде көлүбүзду реклама кыла албай келебиз. Алардын турфирмалары бизге кызганыч кылып, өз көмөчтөрүнө күл тартышат.





## Мамлекетти атайын алсыз көрсөтүүбү?

«Көчмөндөр оюнуна» карата курулуш иштери кечеңдеп бараткан сыяктуу. Айрыкча, 30 километрге жетпеген жолду омкоруп-томкоруп салдык. Бул өңгүл-дөңгүл жол ары-бери каттай келгенде 120 чакырымдай, тим эле бүтпөчүдөй сезилет. Негизи уюштуруучулардын ойлору жакшы эле болуш керек. Башка мамлекеттерге көлдү тааныталы деп ойлошкондур. Бирок курулушчу катары караганда, азыркы ылдамдык менен курула берсе бул жолдун мөөнөтү сентябрда эмес, келерки жылга чейин узап кетчүдөй. Шашылыш жасалган убакта да сапаты жакшы болушу арсар. Жергиликтүү калк ызы-чуу чыгарып туристтерди качырып албайлы деп баарына чыдап келатат.

Эл аралык оюн болот деп жер жүзүнүн баарын чакырып койдук. Бирок, конок чакырып алып мамлекеттин алсыздыгын атайын көргөзгөндөй болуп атабыз. Эл болсо бул оюнга турист көп келет деген ойдо бир топ каражат жумшап, даярданып алган. Долбоорлор, иш мерчемдери түзүлгөнбү, белгисиз. Кудуретке жараша иш кылынбай жатат. Акча-каражат тартыш болсо быйыл жолду баштабай эле, эски жолду оңдоп-түзөп койсо болмок. Жеке менчик мамлекеттик менчиктен артыгыраак башкарылары канча ирет далилдеди. Мен чет өлкөлөрдү көп кыдырам. Ал жакта жолдордун көпчүлүгү жеке менчик башкарууда. Мамлекет менен жеке менчик ишканалар тыгыз байланышта иштейт. Өкмөт бир нерсеге колу тийбей атса, чочуркабай эле дароо жеке менчикке өткөрүп бериши керек. Азыр биздин ишкерлер мындан да оор тармактарды иштетип кете алышат.

## Көл сезонду эле карабай калды

Буга чейин көлдүктөр бактарды кыйып, пансионат куруп атса, азыр тетири агым башталды. Учурда өрүк, алма бактарын тигип башташты. Мен өзүм сегиз гектарга алма тиктим. Атам көп жыл бою алма сортторун чыгарган ишканада иштеген. Ошол сорттордун көбү азыр жок болуп кетти. «Кыргыз апорту», «красное» деген сорттор бар эле, азыр жок. Азыр Голландия, Сербия, Польшадан бат бышкан жаңы сортторду алып келе башташты. Алардын баарынын гендери кураштырылган сорттор. Бир жылда алма берген сорттор күмөн жаратат. Адамдын организмине алар кандай таасир берет? Мен биздин «превосходный» деген алманы тиктим. Ал 3-5 жылда байлайт, бирок пайдасында шек жок. Дүйнөдө азыр табигий азык-түлүк саткан супермаркеттер бар. Ал жерде биздикиндей чыныгы алманын баасы берки жасалмага караганда 3-5 эсе кымбат болот. Кыргызстанда орто турган үй-бүлөлөр деле өзүбүздүн жер-жемишти алганга аракет кылып калды. Бишкекте көлдүн, ноокаттын алмасын сурап жатышпайбы. Пансионаттын имараттарын караганда да ошондой табыгыйлыкка качырганы байкалып турат.

## Мамлекет чабалдык кылып атат

Жеке демилге менен мамлекеттик башкаруу дал келбей калды. Мамлекет алсыз болуп калган сыяктуу. Жеке секторго кызмат сунууда артта калды. 25-30 чакырым жерди төшөп коюу ири жеке менчик ишкананын колунан келет. Мындай чабалдык адамдардын, кыргыздын өзүнө болгон ишенимине кедергисин тийгизип келет. «Кыргызга өткөрүлгөндө жол салынбай калды» деген туура эмес. Кыргызстанда, керек болсо чет өлкөлөрдө чоң-чоң жамааттарды иштетип келген кыргыз аз эмес. Курулуш тармагын алсаң башкарганы деле, иштеткени деле, иштегени деле кыргыздар. Ири долбоорлорду кыска мөөнөттө ишке ашырып жатышат. Өкмөт менен ишкерлердин ортосунда байланыш жокко эсе. Мамлекет менен жеке ишкер өнөктөштүгү боюнча мыйзам иштебей турат.

# Британиянын парашюту ачылабы?

**Чыныгы саясат бизде калыптанып калган саясат түшүнүгүнүн тетириси. Саясат – сатуу, сатып алуу жана сатылуу чеберлиги эмес. Чыныгы саясат экономикалык чыгым жана киреше түшүнүгүнөн жогору турат. Учурдун талабын эске алганда, саясат – кең пейилдик, кечиримдүүлүк жана тообо кылуунун натыйжасы**



Сүрөт ▸ The Guardian

Британиянын премьер-министри Дэвид Кэмерон

## Дардаңбайлыкка алдырган Британия

Эгер коомду бир бүтүн организм катары кабыл алсак, Британияда акыл менен рух эмес, айбандык инстинкт менен ашказан жеңди десе болот. Себеби Евробиримдиктен (ЕБ) чыгуу үчүн добуш берген 52 пайыз элдин көпчүлүгүн салттык саясий институттарынан кол жууп, мамлекеттин сырттагы борбордон башкарылып калуусунан коркон улуу муун түздү. Андан сырткары, Жакынкы Чыгыштан ооп келген качкын мигранттарга өз жумуш ордун тарттырып жиберүүдөн корккон жумушчу тап да бирдиктүү евроаймактан чыгып кетүүнү колдогон.

«Британия» жана «эксит» (чыгуу деген мааниде) деген эки сөздү бириктирип, «брексит» деп аталган компания 23-июнда Евробиримдикке каршы топторго үзүрүн берип, Британия Евробиримдиктен чыкмай болду. Бул Евробиримдиктин аткаминерлери үчүн да, 2015-жылы шайлоочулардын басымдуу көпчүлүгүнүн добушун алып өкмөт түзө алган Британиянын Консервативдүү партиясы үчүн да күтүүсүз катуу сокку болду. Серепчилердин басымдуу көбүнүн пикири боюнча буга кудум биздегидей популисттик ала-көөдөн, дардаңбайлык саясат себеп болгон. Учурдагы консервативдик партиянын атаандашы болгон Жумушчу (лейбористтик) партиянын лидерлери бийликке келиш үчүн англиялыктардын евроишенбестик (евроскептицизм) сезимдерине ойношкон. Алардын эрежеси менен ойноого мажбур болгон Консервативдик партиянын башчысы, азыркы премьер-министр Дэвид Кэмерон акыркы шайлоо жарышында жеңсе, Евробиримдикте калып-калбоо маселесин жалпы элдик добушка коёрун балп эттирген. Натыйжада, марага биринчи келип, эки тизгин бир чылбырды колуна алган соң берген убадасын тутканга мажбур болду.

Еврочиновниктер менен Евробиримдикти колдогон мамлекеттердин башчыларын Британиядагы референдумдун натыйжасы безге сайгандай туйлатты. Еврокомиссиянын, б.а. Европа мамлекеттеринин орток өкмөтүнүн башчысы Жан-Клод Юнкер: «Согуш талаасынан качканга ырайым кылынбайт», – деген сөзү менен Британияга катуу чара көрүш керек дегендердин көңүлүндөгү ойду айтты. Германиянын тышкы иштер министри Франк-Вальтер Штайнмайер бул референдумдун натыйжасы «шексиз соолуктуруучу» болгонун, ал күндү болсо «Европа жана Британия үчүн кайгылуу күн» деп белгилеп, «кызуу кандуулуктан да, сенейип катып калуудан да алыс болуу керек» деп акылмандык кылды. Ал эми Еврокомиссиянын төрагасы, кызуу кандуу француз Юнкердин сөзүнөн чочулаган Германиянын башчысы Ангела Меркел энелик мээрими менен «Европа жана биригүү иштерине катуу сокку» болгонуна карабай, «Евробиримдик чыгарып жатканда Британияга орой жана текеберлик кылынбоо керек» деди.

## Кэмерон демократия сабагын берди

Эми Британия Евробиримдик үчүн эмне эле деген суроого келсек. Британия Европанын 12–13% калкына, куралдуу күчтөрүнүн жарымына жана Ички дүң өндүрүмүнүн бештен бирине ээ мамлекет болчу. Мындан сырткары, ал НАТОнун өзөктүк куралга ээ мүчөсү, Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук кеңешинин чечимин токтото алчу мамлекеттердин бири. Ошондуктан кааласа референдум өткөрбөй коюуга мүмкүндүгү бар Дэвид Кэмеронду боктобогон серепчи аз. Ал дүйнө тарыхына жеке карьерасы үчүн Британиянын жана континенттин келечегин курман кылган саясатчы катары кирет дегендер көп. Чын эле учурда Британиянын курамына кирген Шотландиянын өкмөт башчысы, Шотлан улуттук партиясынын төрайымы Никола Стержен Евробиримдикте калуу үчүн керек болсо Британиядан ажырашуу керектигин айтып чыкты. Себеби шотланддардын 62%ы Евробиримдикте калабыз деп добуш берген. Континенталдуу Европа менен бир болууну Түндүк Ирландиянын да 56 пайызы колдогон. Мындан сырткары, Британиянын борбору Лондондо Европа менен бирге калабыз дегендер көпчүлүк болгон.

Орусчул башкаруудан кайтуу үчүн кыргыз улуттук элита убагында Союздан ажыроону каалагандай эле, Шотландия менен Түндүк Ирландияда да англичандардан бөлүнүп кетүү тенденциялары күч. Лондон болсо Британиянын эң космополит, б.а. түрдүү улуттар жана каржы элитасы жашаган шаар. Алар улутчулдук маселесине кептелип, Евробиримдик аркылуу жеткен эркиндиктен ажырагысы келбейт. Тетирисинче, Евробиримдиктен безүүнү колдогон Англия менен Уэльстин көпчүлүгүн түзгөн англичандар Союз тараганда кимден бөлүнүп, кимден эркин болгонун аныктоодо кыйынчылык тарткан орус калкынын кейпин кийип турган кези. Алар өзүн улут катары сактап калуу үчүн Европанын башка элдеринен бөлүнүүнү колдошкон. Ушул себептен улам АКШ президенти Барак Обама баш болгон дүйнө саясатчыларынын сабырдуулукка, башкаларга кучак жаюуга жана теңдикке чакыруусу англичандарды ого бетер чочутуп, дудук менен дүлөйдүн сүйлөшүүсүнө окшоп калган.

Өзгөчөлүктөрүнөн эч качан толук баш тартпаган британдык элита өз валютасын, чен-өлчөм бирдиктерин, жол эрежелерин, саясатта карманган принциптерин сактап калган. Британиянын мыйзам системасы конституцияга эмес, жазылбаган мыйзамга, өзгөчө чечимдерге жана конституциялык салттарга негизделгенин көп адам биле бербейт. Анын пайдубалын 1215-жылкы Эркиндиктердин улуу хартиясы жана 1869-жылы кабыл алынган Укуктар жөнүндө билль түзөт. Өздөрүнүн санжырасын падышалардан бери курап келе жаткан британ элитасы үчүн жогорудагы өзгөчөлүктөрдөн ажырап калуу өз жанын кыюу менен барабар. Ошондуктан Дэвид Кэмерондун мындай референдумга баруусу берген сөзгө туруу аркылуу кылымдар бою сакталып келе жаткан ата-бабасынын аброюн ак тутуу болгон. Жумушчу партиясынын жетекчилигинин суранычына карабай референдумда жеңилип калган соң октябрь айында премьерликтен кетем дегени салттуу демократиянын талабын аткаруу катары бааланууда. Референдумдун эртеси Кэмерон: «Элдин эркин сыйлоом керек, бирок өлкөнү кийинки аялдамага алып барган кеменин капитаны болуу – мен үчүн туура болбойт», – деп Англиянын тарыхындагы буга чейин жетектеп келген эң күчтүү жана ийгиликтүү өкмөттөрдүн бирин башкаруудан баш тарткан.

## Дардаңбайлык менен олуттуулуктун тиреши

Евробиримдик заманбап тарыхта тынчтык үчүн биргелешип өнүгүүнүн эң ийгиликтүү долбоору болуп келген. Анын аркасы менен Европа акыркы 50–60 жыл согушсуз туруктуу жашап келди. Эң жаман сценарийлерге ишенгендердин божомолдорун карасак, Британиянын бөлүнүүсү Евробиримдиктин ыдыроосуна алып келет. Себеби Европанын көп мамлекеттеринде эл ЕБден чыгууга даяр. Бул саясатчылардын эрки менен эле кармалып турган тең салмактуулук. Барган сайын күчүн жоготуп бара жаткан ЕБ артка чегинип, негизги чечимдерди НАТО согуштук блогу кабыл ала баштайт. Бул өз учурунда Орусия менен тирешүүнү күчөтүп, үчүнчү дүйнөлүк согушуна алып баруусу мүмкүн. Бул пикирдеги серепчилердин айтуусу боюнча Британия ЕБде активдүү ордун жоготкон соң эзелтен бери эрегишип, эки дүйнөлүк согуштун пайда болуусуна себеп болгон Франция менен Германия кайра атаандашууга өтөт. Бул болсо Европанын жана жалпы эле либералдык демократия нугунда кетип бара жаткан мамлекеттердин алсыроосун жана популисттик, улутчул, каршы пикирди кабыл албаган радикал күчтөрдүн жандануусун шарттайт.

«New York Times» гезитинин жазмакери Рожжер Коэн: «Илгертеден бери кылдаттыгынан тайыбаган британдыктар евробюрократтардан тажап, белгисиздикти көздөй бой таштоосу мындай окуя бардык жерде кайталанып кетишине ишарат кылып турат. Америкалыктар ноябрда Доналд Трампты шайлап алуусу мүмкүн. Себеби өнүккөн демократияга эрдемсип өзгөрүүнү каалаган эл коопту жана белгисиз келечек үчүн салттарды бузууга даяр экенин Британия көрсөтүп койду», – деп жазган.

Өз укугун элдин жана мамлекеттин кызыкчылыгына жараша колдонууга даяр болбогон калк өзүнүн жана коңшуларынын келечегине балта чаап коёру белгилүү. Британияда кара курсак акыл-эсти жеңди десек болот. Ошол эле убакта бийлик башындагылар туура чечимдерин элине түшүндүрө билүүсү маанилүү экени билинди. Тумандуу Альбиондогу шайлоолор саресепчи жана серепчи топтордун пикири калың элдин каалоосунан башкача болуп каларын далилдеди. Демек, туура багытта кетип бара жаткан топтор терин шорголоткон мээнетке даяр болуусу шарт. Британиянын уникалдуу укуктук жана саясий системасы бул түңгуюктан чыгуунун эч ким күтпөгөн жолдорун суна аларына үмүттөнүп...

Саресеп гезитинин аналитикалык тобу

# Жунусалиев Р.: **Көчмөндөр оюну эл аралык ынтымакты, биримдикти алып келет**

Бул жыл дүйнө жүзүнө кыргыздын улуттук оюндарын даңазалай турган Дүйнөлүк Көчмөндөр оюну өтүүчү тарыхый жыл. Ушундан улам Нооруз жана Жеңиш турнирлеринде командалар айыгышкан атаандаштык көргөзүп, натыйжада Сары-Өзөн командасы атаандаштарынын баарын татыктуу түрдө жеңип, Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарында негизги кураманы түптөмөй болду. Эмесе Көк бөрү сүйүүчүлөрдүн көңүл борборунда турган көчмөндөр оюнуна даярдыктар кандай башталганы тууралуу Сары-Өзөн командасынын жетекчиси Жунусалиев Рамис мырзанын өз оозунан уксак





Көк бөрү боюнча Кыргызстан курама командасы

**– Көпчүлүктүн кызыгуусун жараткан бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюнуна көк бөрүчүлөрдү даярдоо иштери кандай жүрүп жатат?**

– Бүгүнкү күнү Көчмөндөр оюнунда кыргыздын намысын коргой турган курама команда түзүлдү. Улуу Орозо айы бүткөндөн кийин дароо даярдыктар башталат. Кудай буюрса, даярдык 3 этап менен өткөрүлөт. 1-этап: июль айынын жетисинен баштап отузуна чейин созулуп, машыгуу көлдө жүрөт. 2-этапта курама команда августтун ондоруна чейин Суусамырда даярданат. 3-этапта августтун онунан, айдын аягына чейин кайра көлдө даярдык көрүүнү улантышат. Бардык нерсе жалгыз мамлекеттин колунан келбейт. Сөзсүз түрдө бул жактан да демөөрчүлөрдүн жардамы керек. Азыр ошонун үстүндө иштеп атабыз. Бул боюнча сүйлөшүүлөр жүрдү. Кудай буюрса, Канатбек Исаев да чоң жардам көрсөткөнү турат. Азыркы тапта балдар кайда жатып даярдык көрөт, ошолорду тактап жатабыз. Аттардын баарын Көлгө алып барганбыз. Эми улакчыларыбыз жетисинде чогулгандан тарта машыктыруучулардын аракети менен даярдык көрөбүз деп ойлойм. Кыргызстан курама командасынын башкы машыктыруучусу болуп Кубатов Каныбек ага дайындалды.

**– Мамлекет керектүү шарттарды тиешелүү деңгээлде түзүп берип жатабы?**

– Даярдык башталa элек болгондуктан мамлекетке азырынча кайрыла элекпиз. Бирок КРнын Өкмөтүнө караштуу Дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин өкүлдөрү менен сүйлөшкөнбүз. Улуттук борбордун жетекчиси Алмаз Апышович сөзсүз түрдө мамлекет жактан жардам болот деп убада берген.

**– Кыргызстан командасынын негизги курамын Сары-Өзөндүн оюнчулары түздү. Сиздердин катарга кошулуп Кыргызстандын намысын коргой турган башка командалардын оюнчуларын кандай талап менен ылгап алдыңар?**

– Курамада кимдер ойной турганын биз, Сары-Өзөн командасы аныктадык. Оюнчуларды төмөндөгүдөй тартипте ылгап алдык: Эң мыкты чабуулчулар кимдер? Бул сөзсүз түрдө Манас Ниязов, Улан Насакеев, Анарбек уулу Сейитбек, Рустам Тыналиев. Бүгүнкү күндө көк бөрүдө төртөөнөн кыйын чабуулчу жок. Төртөө тең жерден энет, 40 кгдык улакты жөн эле көтөрүшөт. Коргоодо ойной турганга мыкты делген коргоочулар Тыныч Алыбаев, "Талас" командасынын капитаны Марлис Койгелдиев, "Бөрүлдөн" Айбек Эсеналиев, Мурдагы "МВД", азыркы "Сокулук" командасынын капитаны Темир Молдокуловдорду тандадык. Айбек Эсеналиев оюнду үстүнөн көргөн кыйын оюнчу. Темир Молдокулов дагы көп жылдан бери ойноп жүргөн, абдан жакшы күч берген тажрыйбалуу улакчы. Төрт коргоочу 4 командынын капитандары, баары күчтүү балдар. Эми балдардын ортосунда бир гана биримдик керек. Буюрса, ынтымак сөзсүз түрдө болот. Буюрса, жакшы жыйынтык болот деп ойлойм.

**– Анткени менен Белек Мукаев жана башка дагы бир топ оюнчулардын курамага кошулбай калышы, алдыңкы аргымактардын бири Ахиллестин тандалбай калганы боюнча күйөрмандар тарабынан бир топ сындар, наразычылык пикирлер айтылып жатат...**

– Маселени сырттан көрүш оңой, аны ичтен караш керек. Сырттан баары эле кыйын көрүнөт. Белек өзүмдүн эле иним, бир жагынан досум. Ал дагы мыкты коргоочулардын катарына кирет. Мындай караганда бүгүнкү күнү Кыргызстанда 25 алдыңкы оюнчу бар. Биринен-бири өтөт, деңгээлдери дээрлик бирдей. Кыргызстан курамасына кирүү да бир буйрук экен. Белек Мукаев биринчи көчмөндөр оюнунда Кыргызстан курамасына кирсе, мында анын ордуна бөлөк бала кирди. Мисалы "Бөрүлү" командасынын капитаны. Ал командада ойногон балдарга стимул болот. Бир гана "Бөрүлү" эмес, бардык командалардын оюнчулары биздин капитаныбыз Кыргызстан курама командасынын катарында ойнойт деп үлгү алышат. Мен тиги улакчы күчтүү дегенден, тиги коргоочудан бул коргоочу мыкты деп бири-бири менен салыштыргандан да алысмын. Башкы машыктыруучубуз Кубатов Каныбек мырза 6-7 жыл Президенттик кубоктун жеңүүчүсү болгон "Бөрүлүнүн" атагы чыккан машыктыруучусу. Ал кишинин да байкоосу, сунушу менен ушундай курама команда түзүлдү. Ахиллести оюндан көрүп атабыз, улак салганда аутка качканга аракет кылат. Бишкектеги атмайдандын эки жагы тең дубал. Ал эми Көлдөгү ат майдандын төрт тарабы тең ачык. Мен жаман деп айткандан алысмын, Ахиллес мыкты ат. Мүмкүн күйөрмандардыкы да туурадыр, бирок Ахиллести алып баруу тобокелчилик болуп калат.

**– Быйылкы дүйнөлүк көчмөндөр оюнуна казак боордоштордун келиши күтүлүүдө. Көк бөрүдө кыргыз менен казак элинин оюнчулары күчтүү экендиги эч кимге сыр эмес да. Биздин быйылкы түзүлгөн курама команда Казакстандын командасы менен жогорку деңгээлде оюн көргөзүп Кыргызсандын намысын татыктуу коргойт деген ишеничти бере аласыздарбы?**

– Кудай буюрса, сөзсүз түрдө ишеним беребиз. Кыргызстан курама командасы жоопкерчиликти алып, эмитен аттарын даярдап баштады. Эми балдар машыга баштайт. Казак боордоштордун келиши да күтүлүүдө. Алар келишсе сөзсүз түрдө абдан жакшы оюн болот. Анкени кыргыз-казак ортосунда жөн эле оюнду утуп жеңиш эмес, максат ушул улуттук оюн көк бөрүнү эл аралык деңгээлге алып чыгыш да. Биз болгон тиешелүү даярдыктарды көрөбүз. Балдарыбызга Кудай күч-кубат берип, талаптагыдай машыгуудан өтүшсө сөзсүз түрдө ийгиликке жетип, буюрса, Кыргызстандын желегин желбиретебиз деп ойлойм. Биздин максатыбыз жеңип эле салыш эмес, улуттук оюнубузду өнүктүрүш дагы. Көк бөрү оюнун бүгүнкү күндө ондогон мамлекет ойносо эмнеге ошондой эле 30дан ашык 50дөн ашык мамлекет ойнобош керек? Президентибиз Алмазбек Шаршенович өзүнүн демилгеси менен Дүйнөлүк Көчмөндөр оюнун уюштурбадыбы. Дүйнөлүк Көчмөндөр оюну эл аралык биримдикти, ынтымакты алып келет деп ойлойм.

**– Көчмөндөр оюнунда кыргыздын намысын коргой турган Кыргызстан курама командасынын катарында ойной турган оюнчулар келаткан эгемендүүлүк күнүнүн урматына уюшулган Президенттик кубокто оюн көргөзүшөбү?**

– Кыргызстан курама командасынынын катарына кирген оюнчулардын бирөө дагы кубокто ойношпойт. Ошол эле Манас Ниязов, Анарбек уулу Сейитбектер дагы Президенттик кубокто командасынын катарында оюн көргөзүшпөйт.


**– Кыргызстан курама командасынын негизги курамын түптөгөн «Сары-Өзөн» командасынын запастагы оюнчулары Президенттик кубокто башка командалар менен тең катар ат салыша алабы?**

– Бул суроо мага байма-бай берилип жатат. Сары-Өзөн командасынан 7 оюнчу, 7 атыбыз Кыргызстан курама командасына кирди. Мындай айтканда, команданын жарымынан көбү көчмөндөр оюнунда даярдыкта болуп калат. Бул оңой эмес жоопкерчилик. Анткени биз бүгүнкү күндө жеңүүчү команда болуп эсептелебиз. Бирок биздин команданын Президенттик кубокто ойноор-ойнобосу азыркы күндө так чечиле элек. Биз оюнга чыгып да, чыкпай да калышыбыз мүмкүн. Анткени калган балдарыбыз Президенттик кубокто команданын атынан чыккылары келет. Бирок балдарыбызга ат керек болуп атат. Оюнга мыкты аттар менен чыгышыбыз керек да. Күчтүү аттарыбыздын баары Кыргызстан курама командасында ойнотулат. Ошол себептүү бул суроого азырынча так жооп бере албайм.

РАХАТ АКМАТОВА

# Интернетте уу-дуу гап...

**Бүгүнкү күнү гезит менен теледен ашса ашкан, асты кем калбаган интернет айдыңы бар экени баарыбызга маалым. Айрыкча, фейсбук баракчасы азыр көпчүлүктүн көңүлүн бурган маалымат булагына айланып, омоктуу ой айткысы келгени да, ызасын айтып бугун чыгаргысы келгени да ушул жерге кайрылып келет. Ушундан улам биз өткөн санбыздан бери «Фейс-бет» аттуу рубрика ачып отурабыз. Бул рубрикага аталган баракчадагы маанилүү билдирүүлөрдү, же көпчүлүктүн бүйүрүн кызыткан талкууларды чыгарып турмакчыбыз. Эмесе, бүгүнкү күндүн фейс-бетине назар оодарыңыздар...**







## Быйыл Үркүнгө 100 жыл толот

Бул жолу рубрикабызды чү дегенде эле үркүн темасына бургубуз келди. Буга Бейшенбек Бекешов агабыздын ошол кайгылуу жылдарга арналган эскерүүсү негизги себеп болсо, экинчиден быйылкы жылдын тарых жана маданият жылы экени тим эле куп жарашып калды. Анда назарыңыздарда үркүндөн эскерүү...

16-жылкы Үркүндө менин чоң чоң атам 30 жашында окко учуп, чоң чоң энебиз бир уул, бир кызы менен калат. Анын уулу чоң атам Бекеш 6 жашта экен. Кызы 9 жашар Салиха деген эжебиз экен. Орус аял-эркегин, жаш-карысын ылгабай кырып, жеткенин кылычтап шылып, жетпегенин бута кылып атып, канга боёлбогон тоо-таш менен кокту-колот калбайт. Чоң энебиз ажал алкымдап келгенде аң-чөнөктүн бирине кызын калтырып, тукум деп жалгыз уулун алып качат. Эл Каркыра тарапка үркүп кетет. Кызыл кыргын болгон жерде жашырынып калган Салиха эжебиз алаамат тынчыганда иниси Бекештин ошол чөлкөмдө калган колго үйрөтүлгөн тайын таап, кармап минип алат. Кайда барарын да билбейт, элдин кайда кеткенин да билбейт. Өлүп жаткан, өлө албай онтоп жаткан кишилерди көрөт. Арасынан кызыл жаян болгон эки чоң энесин тааныйт. Бирөөнүн бир жаагы, экинчисинин бир акыреги шылый чабылган. Али жандары бар. "Суу..., суу..." – деп эриндери кыбырайт. Бул чөлкөмдүн кош аяктап баскан жалгыз тирүү жаны болгон 9 жашар кыз чымын-куюн болуп жүгүрүп, чай кайнам жердеги булактан топусу менен суу ташыйт. Бадал-чийге жашынып күнү ташыйт, жыгылып-туруп түнү ташыйт. Ушинтип канча кишини канча күн бакканын билбейбиз. Канча киши анын көз алдында бул дүйнө менен кош айтышканын да билбейбиз. Түн катып тоо таянып кайрылып келгендер журтта калган-калбагандарды түгөлдөп, шейит кеткендердин сөөгүн жашырып, ошол жерде карандап жүргөн кыз баланы таап, алып кетишет.

Ошону менен эле бүтпөй, Кытайга үрккөн эл шордуу Салиха эжебизди жолдо Нарынколдук казактарга таштап кетет. Эркек тукумдун өмүрү үчүн ал бир жолу журтта калса, экинчи жолу биротоло чийден тышкары чыгарылат.

Ошол Салиха эжебиз бизди 50 жылдан кийин, 1967-жылы таап келди. Эсинде Түп жана Кыз-Коргон деген жерлер калган. Биздин айылдын аймагында Кыз-Коргон деген кичинекей бир тоо бар. Жоокерчилик заманда эл жайлоого көчкөндө ошонун чокусуна кыздарды жашырып коюп, көч мерчемдүү жерине жеткенде тоо таянып кайрылып келип алып кетишчү экен. Ошол Кыз-Коргонду билген Бороке деген абабыз райондун борборунда Салиха жеңге жолугуп калбаганда ал киши бизди таап келет беле ким билет. Эмнеси болсо да жалгыз иниси Бекеш небак эле дүйнөдөн көзү өткөнүн билбей келди. Салиха эжебиз менен раматылык чоң энебиз экөө чоң атамды жоктоп ыйлаганда бүт айыл ыйлады. Ыйламак турсун боздоду... Кыргыздын тукуму узарсын үчүн курмандык болгон кыз баланын ыйын уктуңар беле? Мунун жанында "Манастагы" кайың ыйлап, тал ыйлап деген нерселер эч нерсеге жарабай калат.

Салиха эжебиз тез эле кетип, 1-2 айдан кийин кайра келди. Казак туугандар эжебизди 14кө чыгарып күйөөгө беришиптир. Жубайы колхоздун башкармасы болуп жүрүп карып, эки буту баспай калыптыр. Эжебиз аны 10 жыл көтөрүп багыптыр. Ошонун көзү өткөндө гана колу-жолу бошоп, тууган издеп чыккан экен. Өзү жалгыз кыздуу болуптур. Ошол тапта кыз-күйөөсү менен чогуу жашайт экен. Бизге экинчи келишинде ошол кыз-күйөөсүнүн төшөнчү-орун, кийим-кечек дегенинин тең жармын көчүрүп келиптир. Урунуп, кийип жыртып салыңдар, илгери кыргыздар калың албай калды эле дейт.

Аны көргөн менин раматылык атам табышкер, бардар киши эле, колунда болгондун баарын кайра ташыды казакка. Буюмун буюмдай, малын малдай дегендей. Жыл айлантпай катышып турдук. Эзели алма-өрүк көрбөгөн казак жээндер үчүн Ысык-Көл жомок эле.

Анан Салиха эжебиздин көзү өтүп, анын кыз-күйөөсү да, менин ата-энем да улгайган чакта кыргыз да, казак да көр оокаттын артынан көп түшүп, барыш-келишибиз сээлдеп калды. Атамдын көзү өткөндө келишти. Жаманчылыкта гана катышып калдык. Ошентсе да бир күнү айылдагы инилерим телефон чалат казак эже-жездебиз келди деп. Булардын атасы өлүптүр дедирбей, атаңар бардагыдан жакшы конок тогула дедим. Алар ошентишти. Бишкекке чакырып келип, аларды бул жердеги бир туугандар да жакшылап меймандап узаттык.

Баарынан аянычтуусу да, өкүнүчтүүсү да алардын бойго жеткен эки кызын ала келишкени болду. Ыктуусу болсо сөөк жаңырткан таштап кетсек дегенин айтпаса да түшүндүк. Бойдогубуз жок эле, алган аялдын үстүнө сөөк жаңырта берген нукура кыргыз да биздин арабызда жок болчу...

## Баш сыйлуу десе жалаң баш тартып...

Андан кийинки эле коомду дүрбөлөңгө салган окуя айтылуу канкор, качкын президентибиз Курманбек Бакиевдин Москва шаарындагы кыргыздарга ооз ачар уюштуруп бергени болду. 24-июнда өткөн ооз ачарга ал бир кездеги Кыргызстандын Орусиядагы ыйгарымдуу элчиси Раимкул Аттокуров баш болгон бир канча аты таанылa түшкөндөрдү чакырган. Бирок, бул жерде айтылчу кеп Бакиевдин тамак бергенинде, же ооз ачырганында эмес. Москваа конок тосмок тургай, маа демектен ажыга барып келсе да убагында кылган кылыктарына, кырчындай кыйылган өмүрлөргө жооп бермейин күнөөсү жеңилдебесин биле туруп бир күнү аксымданып аш бергени кимге кызык болмок эле. Интернет колдонуучуларга кызык болгону Бакиевдер биротоло мекенден алыстап жүрүп салтты билбей маңкурттaшып калганбы, же адатынча куулана калып, орустун баш жебегенин пайдаланайын дегенби, айтор, бир дасторкондо отурган бир канча кишиге бир канча койдун башын устукан кылып тарттырганы уу-дуу кеп болуп жатат.

## Эрдоган кечирим сурады беле?

Бул экөөнөн ашса ашкан, бирок кем калбаган талкууну Түркиянын президенти Режеп Тайип Эрдогандын Кремлге жазган каты тутандырды. Интернет айдыңында, айрыкча, орус маалымат булактарында 27-июндан тарта «Эрдоган кечирим сурады» деген маанидеги маалыматтар жайнап кеткен. Ал тургай бул катта Түркия тарап атылган учактын жана учкучтун кунун төлөп берүүгө да даяр экенин айтышкан. Бирок, арадан бир күн өтпөй интернет айдыңында дагы бир маалымат тарай баштады. Бул маалымат боюнча Эрдоган Кремлден кечирим сурабаганы, тек гана кечирим сураса экен деп чыдамсыздык менен күтүп турган Орусия Эрдогандан келген катты түшүнүп-түшүнбөй орусчага которо салып дүңгүрөп чыкканы айтылат. Ал жерде түрк президенти «кечирим сурайм» деген сөздү эмес, «каза болгондорго көңүл айтам» деген сөздү колдонгон болчу дейт маалыматты таратуучулар. Бирок анысы деле мунусу деле түрк президентинин баары бир айыбын мойнуна алып, баш ийип турганын билдирип тургандай. Акыркы убактарда Орусия менен соодасы жүрүшпөй, кыйла ишканасы жана ишкерлери орус чегинен сыртка сүрүлүп калганы аз келгенсип, экономикада орчундуу орду бар туризм жааты катуу жапа чеккенин байкаган Режеп Тайип минтип көгөрүп отура берсе, карандай күч менен кармап турган бийлигинен ажырап каларын түшүнсө керек. Эми тээ башында эзели элдешпечүдөй адырандап, жоо чапкандай эрдемсип отурган жаны бүгүн минтип бир заматта адамгерчиликти эстеп, башын төмөн салып калганы кызык. Албетте, дини бир, дили бир бoордош элдин минтип бөлөк бирөөдөн кечирим сурап турганы биздин да бетибизди кызартып, абийирибизди тымызын куйкалап турат дегилечи, бирок, айла канча, бир акмактын ыргыткан ташын 40 акылман чыгара албайт деген ушул тура...

# Тамакты ушул кашыктар менен жейсиңер



Бир сапар акылмандан: «Сүйүүнү жөн эле тил менен жүрөккө жеткире алган адам менен чыныгы сүйүү менен жашаган адамдардын айырмасы кандай" деп сурашат. "Эмесе силерге муну мен көрсөтмөлүүлүк менен көргөзөйүн", – дейт акылман. Атайын чоң дасторкон жайдырып, алгач сүйүүнү тил менен жүрөккө жеткирем дегендерди чакырат. Бардыгын орундарга отургузат. Алдына чоң-чоң кеселерге ысык сорпо тартып, колдоруна дербиштердин кашыгы деп аталган бир кулачтык узун кашыктарды берет. Ошондон кийин гана "Тамакты ушул кашыктар менен жейсиңер" деп шарт коёт. "Макул, жарайт" дешип сорпону ичкенге аракет кылышат. Алардын аракетинен майнап чыкпайт. Бир кулачтык кашыктар менен сорпону оозго жеткирүү эч кимдин колунан келбейт. Дасторкон үстүнө тамактарды төгүп-чачышып, айлалары кетет. Акыры тамакты жей албай тургандарына көздөрү жетишип, орундарынан ачка бойдон турганга аргасыз болушат.

Булардан кийин акылман: "Эми дасторконго чыныгы сүйүүнүн даамын таткандарды чакыралы", – дейт. Бул сапар дасторкон четине жүздөрүнөн нур тамган, кубанычтуу жылмаюулары бар адамдар отурушат. Узун кашыктар колуна тийген кезде "Келиңиз" деп кашык жеткен жерде каршысында отурган адамдарга сорподон сузуп, узун кашыктар менен бири-бирине ичире башташат. Ошентип бири-бирин тойгузушуп, бири-бирине ыраазычылык айтып, бата кылышып, дасторкондон туруп кетишет.

"Мына көрдүңөрбү. Алдына тамак келгенде өзүн гана ойлогон адамдын курсагы тойбой калат. Ал эми өзүнүн жанындагыны ойлогон адам жанындагы адам тарабынан камкордукта болуп, эч качан ачка калбайт", – деген экен.

Урматтуу окурман, базарда соодалашып жаткан учурда "утуучу" сатып алуучу эмес, сатуучу боло тургандыгы ар дайым эсиңизде болсун!

Мухиттин тамчысы

Жагымдуу тийген күндүн нурлары кышкы уйкуда жаткан Тамчыны ойготуп жиберишти. Ал уйкусурап жатып, үйдүн чатырынан тоголонуп кетти. Бир маалда эсине келе калгандай, чатырдын учунда самсаалап турган учтукуй музга чап жармаша калды. "Мындан ары эмне бар? Каякка? Эмнеге?" деген суроолор мээсинде тегеренип, эмне болгонун эстегенге аракет кылып жатты.

– Жүрү биз менен, артта калып калба. Шашыл! – деп курбулары да шашылып жатышты.

– Коё тургулачы, мен өзүмдүн максатымды эстеп алайынчы. Биздин бул жерге келгенибиздин маанилүү бир себеби бар. Тоңуп калып акылыбызды жоготуп жиберген окшойбуз.

– Ой, сен эмнени ойлонуп турасың. Тигил жакта эмне бар экенин көрөлү. Бизди кууп жет. Тезирээээк!, – деп ылдый кулашып, ушул жерден шаардын канализациясына кирип кетип жатышты. Ал эми Тамчы болсо акыр-чикир суудан коомайланып, эң эле маанилүү нерсени эстей албай шыйпырдын кырындагы музда ылдый түшүп кетпей жармашып турду. Таңга маал куду түшүндө көргөндөй, өзүнө окшогон сансыз тамчылардан куралган килейген мейкиндик көз алдына тартылып кетти. Сүйүнгөнүнөн күндүн нуруна жарк этип:

"Бул менин үйүм", – деп кыйкырып жиберди. Ал бул тууралуу жанындагы сансыз курбуларына да шыбырап жатты. Алар болсо ишенбей, кайра муну шакаба чегишип:

– Кыялкеч десе! Сенин түшүңө Мухит кирген турбайбы. Сен өзүңдүн тегерегиңди карап көрчү. Эсиңе келчи. Кай жерде экенсиң? Кана, көрсөтчү бизге Мухитти. Тегерегиңдин баары ылай, кир. Элдер биздин жардамыбыз менен ошондой ылайды тазалап жатканын көрбөй элесиңби? Бизди пайдаланып болушуп, жаман сөздөрдү айтышып, канализацияга төгүп жиберишет. Андан кийин суу тазалай турган жерлерден түрдүү химиялык препараттарды аралаштырышып, тири шумдук насостор менен трубалардан ары-бери кубалашат. Бул биздин маңдайга жазган тагдырыбыз окшойт. Кимдин багы болсо, кайра бууланып булуттарга жетип, уулуу жаан болуп кайра эле кара жерге, бул жердин тозогуна төгүлөсүң. Сен болсо Океан-Мухит эле дейсиң. Ал деген сага окшош ишенчээктер үчүн чыгарылган жомок же болбосо, жаңы тамчылардын түшү, – деди.

"Мухит биздин үйүбүз болсо, анда мен бул жерде эмне кылып жүрөм", деп тамчы ой толгоп жатты. Капысынан эле ушул суроолоруна жооп уктубу, же өзү жооп таап алдыбы: "Сен өзүңдүн тазалыгыңды сактап калышың керек. Дүйнөгө кубаныч тартуулап, үйүңө бактылуу болуп кайрылып келишиң керек", – деп жиберди. Сүйүнгөнүнөн ылдый кулап кете да жаздады. Муну эстебегенде, муну билбегенде Тамчы тиги курбуларындай болуп эч нерсени аңдабай, жаман агымга аралашып калмак экен. "Жок башкача ойлонуш керек. Болбосо курбуларым айткандай жашоонун агымы мени тагдырдын ыплас айлампасы делген тозокко алып барып таштайт",-деди.

Өзүнүн узак сапарында тамчы көптөгөн туура эмес нерселерден алыс болду.

Мухитке жетем деген далалаты Ишеним, Үмүттү ээрчитип алды. Кээде эмне кылыш керек экенине жол көрсөтүп турган Акылмандуулук да келип турчу. Тамчы өз сапарында жеңил ойлуулукка алдырган жок. Ошентип жүрүп Мухитти да көрдү Ал өзү ойлогондой ушунчалык чоң болуп, ченебеген мейкиндикти ээлейт экен. Өзү кенедей болсо да, чалкыган Мухит өзүн чыдамсыздык менен күтүп турганын билди. "Мен өзүм тамчы болсом, бул ким дагы мен киммин? Кантип эле ушундай болсун"деп өзүнө ишене албай турду. Ошентсе да Тамчы өз максатына жеткенине чын дилинен сүйүнүп турду. Ал эми зор Мухиттин бир бөлүгү болду да калды. Чынында, ал өзү Мухит эле.

# Менин балалык кезим

Менин балалыгым дегенде эле көз алдыма өзүм өскөн айылым тартылат. Себеби менин бактылуу кезим, өткөөл мезгилим айылымдын чаң ызгыган көчөлөрүндө өткөн. Айылымдын топурак жыттуу абасында, чаң сапырылган көчөсүндө, саламынан жазбай ийилип турган мажүрүм талдарында, шаркырап аккан суулярында калды ал күндөр. Алар мага дайыма балалыгымды элестетип турат. Ал кезим азыр мага жомоктогудай сезилет. Анткени ал убакта мен чындап жомокто жүргөндөй элем. Жаз айында эртең менен эрте туруп жүзүбүздү муздак сууга чайып алып, бир сындырым нанды чоң-чоңдон бурдап чайнап, бир кесе айранды көтөрө жутуп таңдын кереметтүү абасына эркелеп кыздар менен кудум жумушка шашып бараткан адамча гүл тергени дөңсөөгө шашар элек. Күндүн ысык аптабына карабай, гүлдөрдүн дүйнөсүнө сүңгүп кирип, бакыттын ааламына курчалып жүрүп, качан күн уясына батайын дегенде гана үйгө кетчүбүз. Мына ошондо апам урушса апама таарынып, эртерээк чоңоюп, эртерээк өз алдымча болсом дээр элем. Эми минтип ал күндөр да келди. Аттиң-ай, азыр апамдын ошол урушканын сагынам, ошол оюнга тойбогон күндөрүмдү сагынам. Азыр ал күндөрдүн баары кол жеткис бийиктикте. Менин балалыгымды бактыкка бөлөгөн менин айылым эмеспи. Шыңгыр тунук булагын кере жутуп жан дүйнөмө кубат алар элем. Сыдырым соккон шамалдары таштан-ташка урунуп бир кереметтүү добуш салат. Эх, ушундай бактылуу күндөр бүтпөсө эмне! Мезгил деген мезгил тура. Өз мыйзамын жүргүзүп отуруп балалыктын дүйнөсүнөн акырындап сүрүп чыгарып койду.

Сагындым сени балалык, сагындым сени айылым! Сенин бал татыган аруу дүйнөңдү, эч нерседен кабары жок аруу дүйнөмдү сагындым. Жүзүмдөн сылап өткөн шамалга эркелеген, күн нурунан кубат алып, көлөкөм менен кубалашып ойногон күндөрүм азыр менден ыраакта. Азыр дагы апамдын кучагына башымды жөлөп мээримине бөлөнгүм келип турат. Апакемдин жада калса, колдору да мээримдүү эмес беле. "Кызым" деп эркелетип маңдайымдан сыласа бакыт ааламына канатсыз учар элем. Апаке, ошондогу аруу дүйнөмө алып кетчи мени. Бактылуу балалыгымдын үзүмдөрүн сагындым. Сен дагы кызыңдын ошондогу кейитпеген,каяша айтпаган, оюндан башка эч нерсени каалабаган кызыңды сагынсаң керек.



АЙГҮЛ САМИДИН КЫЗЫ

ДЕН-СООЛУК

# Дизентерия



Коркунучтуу жугуштуу (инфекциялык) дарт, анда негизинен жоон ичеги жабыркайт.

Оору козгогучу – заң менен кошо сыртка чыгып, башка заттарга жайланышкан дизентериялык таякча

Жугузуу булактары болуп, оорулуу адам (кээде ал бактерияны алып жүрүүчү болушу мүмкүн) эсептелет.

Жугузуу кадимки учурларда кир тамак-аш жана суу аркылуу жүрөт.

Өздүк гигиенаны сактабаган учурларда, дизентериянын жайылышына кир колдордун ролу айрыкча зор.

Таркатуучулары, ташуучулары чымындар болушу мүмкүн.


Дизентериядан алдын-ала сактануу үчүн:

- Колдун тазалыгын кылдаттык менен текшерип туруу зарыл. (милдеттүү түрдө тамак-ашты даярдоо жана тамактануу, балага тамак берүү астында);
- Дааратканадан кийин ар убак колду жууп туруу эрежесин сактоо керек;
- Үйдө жана коомдук жайларда тазалыкты сактоо керек;
- Тамак азыктарына чымындарды жолотпоо, тамакты ачык калтырбоо, идиш-аяктарды тамактангандан кийин тез жыйнап, жууп тазалоо, таштанды жана тамак калдыктарын салган челектерди дайыма жабык кармап, өз учурунда төгүп туруу керек;
- Бышырып, кайнатып иштетилбеген тамак азыктардын булгануусун алдын-ала сактоо керек – нан, каймак, сыр, май ж.б.;
- Жер-жемиштерди жана жашылчаларды кайнатылган же түтүктөн чыккан сууга жууп туруу зарыл.

Гигиена эрежелерин сактагыла! Сиз муну менен дизентериядан алдын-ала сактанасыз.

АЙНУРА ЧЕНДЕЕВА, үй-бүлөлүк медицина борборунун врач-педиатору

# Жакшы көргөн кызыма сөйкө салсам болобу?



Урматтуу окурмандар! Биз бүгүнкү санда көптүн бүйүрүн кызыткан устаздын суроо-жообун бере алган жокпуз. Анткени, Чубак ажы Жалилов устатыбыз сапарга аттанып кетиптир. Ушундан улам бул жолку рубрикабызга өткөн сандарда устаз жообун берген, бирок, гезит бетине батпай калган суроо-жоопторду чыгара турдук.

**1) Жакшы көргөн кызыма 5 жылдан кийин үйлөнүшүм керек. Сөйкө салып койсом болобу? Экөөбүз тең 17 жаштабыз.**

**Жооп:** Ага чейин ким бар, ким жок. Антип анын жолун байлаба. Ой өзгөрүлөт, пикир алмашат жыл жылбышкан сайын...

**2) Жубайым менен ажырашып кеткем, бирок талагын берген эмесмин. Ал башкага тийип кетти. Мага күнөө болбойбу?**

**Жооп:** Сага күнөө. Талагын бер. Иддасын чыгарып, никесин кыйдырсын.

**3) Иштеген жердеги шефтериң орозо кармаба десе эмне кылуу керек?**

**Жооп:** Кармай берүү керек. Кудайдын парзы. А бирок аскер кызматындагыларга оорчулук келбес үчүн аскербашчылары орозо кармабоого буйрук бергени кээде жөндүү да болот.

**4) Уулумду шартка байланыштуу төркүнүмдө атам-апамдар карап жатат. Мен жумуштамын. Баарын караганга, каржылаганга аракет кылам. Жолдошум өз баласын таанымбай койду, жардам да бербейт. Кайсыл жолду кармансам туура болот? Баламды каратып апамдардын убактысын алдымбы деп кыжаалат боло берем.**

**Жооп:** Намаз оку. Жакшы жүр. Баары өтөт.

**5) "Башың бош, билгениңди кыл, жообуңду бердим" десе талак түшөбү?**

**Жооп:** Эркектин ниетинде талак берүү болсо, бир талак боин түшөт. А эгер андай болбосо андай болбойт.

**6) Уккан нерсени бирөөгө жеткирүүдө ката кетирип алуунун күнөөсү канчалык?**

**Жооп:** Атайылап ката айтса күнөөкөр болот.

**7) Бизде орозо 4-июлда бүтүп жатат, 29 күн гана кармаган болуп калат экенбиз. Ошондо 1 күн тутуп беребизби дагы?**

**Жооп:** Орозо кээде 29 , кээде 30 күн да боло берет. Ага таңдануунун кереги жок.

**8) Орозодо эрте менен уктап калганда (ниет кылбай, тамак ичпей) ошол күнкү орозону чыдап кармаш керекпи? Эгер кыйналып ачып алса казасын бир күн эле кармап береби? Же каффаарат болуп калабы?**

**Жооп:** Орозодо эртеңменен уктап калса, таңаткандан кийин турса, эч нерсе жебей эле түшкө чейин ниет кылууга жетишип калса, ошол күнкү орозого эсеп. Ошол күнү ниет кылбай калса, кийин бир күн каза кармап берет. Орозо кармабай койгону үчүн күнөөкөр болот.

А эгер орозону кармап туруп, андан кийин атайылап ачып жиберсе каффаарат болот. Ооруган себептен, же кыйналган себептен оозун ачса, анда ал бир эле күн каза кармап берет.

Бүгүнтөн баштап суроолорду кабыл ала турган номурубуз алмашты. Мындан нары суроолорду **Whatsapp** же **СМС** аркылуу **0558-71-76-87** номуруна жөнөтүңүздөр!

# Былтыр 300 үй-бүлөгө жардам бергенбиз

Хадисте "Орозо кармаганга ооз ачырган адам орозо кармагандын сообунчалык сооп алат" деп айтылат. Ыйык Рамазан айынын урматына шаарыбыздагы жана баш калаабызга жакын жайгашкан конуштардагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө KG-групп курулуш компаниясынын атынан орозо азыгы даярдалып, 200дөн ашык үй-бүлөгө таркатылды. Исламдын 5 парзынын бири болгон орозо кармоо – бул чоң ибадат болуп эсептелет. Заманыбыздын каатчылыгына карабай, күндүн ысык жана узак мөөнөтүнө чыдап орозо кармагандардын үйүнө аталган компания азык-түлүк баштыкчаларын жеткирип берди.

## "KG-групп компаниясы көрсөткөн кайрымдуулукка ырахмат"

Ал эми 63 жаштагы Анарбүбү апа "KG-групп" компаниясыны ага 2 жылдан бери жардам көрсөтүп келгенине ыраазычылык билдирди: "Бул курулуш компаниясынан 2 жылдан бери жардам алып келем. Мурда азык-түлүктү үйгө алып барышчу. Быйыл кеңсесине чакырып беришти. Кудайга шүгүр, жакшы балдар, аман болсун. Кайрымдуулук ушундай болушу керек. Адамдар качан бирибирине кайрымдуу болсо, күйүмдүү болсо, өсүп-өнүгүүгө да бирге болот. Булардын көрсөткөн кайрымдуулугуна ырахмат"-деди ал.

## "Колунда барлардын жардам бергени сүйүндүрөт"

Күйөөсү менен ажырашып кеткен 2 балалуу Асел орозо күнүндө кайрымдуулук көрсөткөн "KG-групп" курулуш компаниясына ыраазычылык билдирип, колунда барлар жакыр үй-бүлөлөргө күйүмдүү болсо жакшы болот дейт: "Өзүм 26 жаштамын. 2 балам бар. Биринчиси 3 жашта, экинчиси 1,5 жашта. "KG-групп" компаниясынан былтыр азык-түлүк алганбыз. Быйыл да орозодо чакырып, азык-түлүк берди. Жолдошум жок, апам, балдарым бар. Кайрымдулук бул жакшы нерсе. Адамдар бири-бирине күйүмдүү болушу керек деп ойлойм. Алланын ыразычылыгы үчүн деле жардам берсе болот. Социалдык жактан муктаж үй-бүлөлөр биздин заманда көп. Колунда бар жарандар жардам бергени сүйүнтөт. Аркасында жоктор ошол эле бойдон кетип жатат. Колунда жоктор жакыр бойдон эле калууда. Мен учурда жөнөкөй жумушта иштейм".

## "Жоомарттык бир гана каражат менен бааланбайт"


"KG-групп" курулуш компаниясынын мүдүрү Имамидин Ташов 1 жылдын ичинде жардам сурап 800 үй-бүлө кайрылганын айтты. Ошондой эле орозо баштыкчасында бир үй-бүлөгө 3 күн ифтар кыла турган азык-түлүк берилгенин төмөнкүчө айтат: "Былтыркы жылдын эсеби менен 300 үй-бүлөгө жардам берген болчубуз. Быйыл 250дөн ашабыз деп ниет коюудабыз. Кеңсебизге бүгүн 60 үй-бүлө келе алды. Биздин кызматкерлер келе албай калган үй-бүлөлөргө райондорду кыдырып орозо баштыкчасын жеткирип беришет. 2015-жылы бизге кайрымдуулук сурап кайрылган үй-бүлөлөрдүн саны өтө эле көп болду. Муну биз актуалдуу, эффективдүү колдонсок деген максатта 1000 сомдун тегерегинде азык-түлүк бердик. Ифтарга чакырганда бир үй-бүлөдөн бир эле адам келип батасын берет да ошол бойдон унутулат. Ошондуктан биз бир бүлөдөн бирөөнө эмес, бир бүлөгө толук жетчү азык берүүнү чечтик. Бир үй-бүлө эң аз дегенде үч-төрт күн ифтар кылчу азык-түлүк берилди. Батири жокторго батир берүүдө өз ордубузду таптык десем жаңылышпайм. Бекер берүү чындыгында кыйын. Бирок ошону аттап, басып өтүп, улуттук идеологияга бир аз такалган үй-бүлөлөргө бердик.




MAGNAT
ТАКСИ
1496
0772 89 55 77
Жарыя! Жарыя!
Шашылганда шап келет
Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77
БАШТАЛЫШЫ
40 сом
10 сом
АР БИР ЧАКЫРЫМГА
Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!



# Ташкөңдүн айлуу түндөрүндө...



Жакында эле Орсуя менен Кытуялар баш болгон шериктеш уялардын шеринеси болуп уяхандар чогуусу менен чай ичип, чакарап жеп келгени Сартуянын борбору Ташкөңгө кетишкен. Көрсө, Сартуянын уяханы Слам Крам сыртынан тырышып–бырышып, мына–мына өлчүдөй болуп тургание менен конок келсе кудундаган ак көңүл жан экен, шеринелештерин эриктирбей кыңылдап ырдап, кудуңдап бийлеп тосуп алды. Мындайды эзели күтпөгөн Биларусуянын уяханы аз жерден аны жамбашка чаап кубаттап жибере жаздады окшойт. Бирок, бири кем дүйнө деген чын тура. Атаганат, ушул жерде Кумурзстандын мурунку уяханы Кутурман бек Бакс болгондо Слам Крам экөө так секирип бийлеп, ойда чер жазышпайт беле. Айтмакчы, ал кургур Жинскте жатып алып Слам Крамдын шеринеде бийлегенин уккан окшойт, ордуна тура албай туйлап, жер тепкилеп ыйлап отуруп акыры багып алган атасы Луга Щенкодон кумурзстандык туугандарын чакырып өзүнчө бечер өткөрүүгө уруксат сурайт. Мындайга ким эле дароо макул болмок эле.

– Кайдагыны айтпай жөн отурчу! – деп кагып койот баккан атасы.

– Ну Батке, бир эле жолу. Суранам бир эле жолу, – деп жалдырайт Бакс.

– Ой, сен бечерге барып манты жегенде эле балээ башталчу эле? – дейт баткеси.

– Жок мен манты жебейм. Ал тургай эт да жебейм. Жөн эле күрүч жейм, күрүч.

– Күрүч? Сага эмес чошкелериме бергенге күрүч жок. Эркелей берсең Кумурзстанга кетирип ийем. Болду жөн отур!

Кумурзстанды укканда Бакс чын эле коркуп кетет. Муну Луга Щенко да билип алган. Кээде Бакс ачыктыкдан көп ичип алып дарылдап ыйлап чыр салганда ал калп эле «Ай Шаша, ай Айда Салиго, келгилечи. Мегиле, алып кеткиле» деп койсо Бакс тим эле момурайып отуруп калчу. Бул жолу да момурайып калды. Бир саам бултуюп отурган соң бир маалда «Мен коноктордy чакырып койгом да» деп бурк этти. Бул анын акыркы үмүтү болчу. Ушунтсем баткем жиберет деп ойлогон. Бирок, тигинин жибийин деген ниети жок.

– Чакырсаң эле келе калышабы? Сен чакырган кумурскалар кайра уясына барбай калчу эле. Коркушпайбы алар?

– Жок. Мен азыр антпей калгам.

– Антпей кальгам дейт тим эле. Уруксат берсем ошентесиңби?

– Тамактарын да даярдатып койгом.

– Тамак? Эмне тамак? Дагы чошкелеримди союп салдыңбы?!

– Жок, батке. Менин конокторум чошке жебейт.

– Анан эмне жейт алар?

– Бизде билесиң да батке, биттин башы өтө сыйлуу тамак. Баягүнү сиз шеринеге союп кеткен биттердин баштары короодо жатыптыр. Ошолорду эле бышырып койдум эле...

– Аа, ошолор элеби? Андай болсо салып ий. Бирок өзүң барбайсың, макулбу?

Баткеси баары бир болбосун түшүнгөн Бакс айла жок салбырап отуруп калды. Ошентип ал Слам Крам менен бийлеген да жок, бечерге да барган жок.

А Шаша Хахамбай болсо Слам Крам менен бийлеп, чер жазыша албаганы менен ар кимге жолугуп, ашь жеп, чакарап жеп жыргап жүрдү. Ташкөңдүн дүйүм даамына тойду. Эч ким менен деле иши болгон жок. Слам Крам менен уруша кетемби деп сарсанаа болду эле, ал көп деле тийишкен жок. Бир жолу гана бир уяга жекеме–жекеге чакырды эле Шаша корккону билдирбеш үчүн кирип эле «Эмне?» деп стойкеге турду. Слам Крам чочуп кетип отурган диванынан кулап түшүп, өлүп кала жаздады. Ошону менен ортодо эч кандай чатак болгон жок. Анын деле коркуп калганын байкап Хахамбай да тийишпеди, Слам Крам да атырылбады.

Андан кийин Хахамбай Апгандын уяханы менен кобурашып отурду. Түндүн бир оокумунда сыртка чыкса Апган уяханы асманды карап отуруптур. Шаша акырын барып жанынан отура бергенде эле тиги суроо берип калды.

– Ммм, немистер деген кумурскалар бар экен. Алар бир кезде көчүп келишкен турбайбы? Кайра көчүп кетип атышат дейби?

– Немистерби? Ооба, алардын көбү көчүп кетти. Бирок кээде келип турушат.

– Омей, алар кээде кайра келишет экен. Алар эмнеге келишти? Чолпон жылдыз сен айтчы, алар эмнеге келишти? Үркөр жылдыз үркүп кайда барасың?

Хахамбай түшүнбөй калды. Асманды карап коёт. Эч ким жок.

– Менин атым Шаша, – деди чыдабай кетип.

– Я? Гашиш дейсиңби? Кана? – деди Апган уяханы аландап.

– Жок, Шаша деййм. Менин атым Шаша. Үркөр эмес. Чолпон да эмес.

– Аа, Шашасыңбы? Коё турчу, мен азыр келем сага. Азыр.

Ушунтти да кайра асманды карай баштады. Бир маалда Шаша анын:

– Бизге качан жардам бересиңер айланайындар? – деп сураганын угуп калды.

– Силергеби? Биз өзүбүз да азыр кыйналып турабыз. Мына мен деле чокойдун ичинен жыртык байпак кийип алгам. Эгер эртең жаңы байпак алсам ушуну силерге салып ием, – деп шыпылдай сүйлөдү Хахамбай.

Апган уяханы байпакты карагандын ордуна Шашаны олурая карады. Анан кайра көктү карап алып сүйлөнө баштады.

– Айланайын үркөр жылдыз, бизге качан жардам бересиң? Немистер деген эл бар экен, Германуя деген жер бар экен. Мени алып кетчи ошол жакка. Мен немис болуп учкум келет...

Хахамбай кайра асманды карады. Эч ким көрүнбөйт. Эч нерсе жок. Кечке карап отуруп да эч нерсе көргөн жок. Бир маалда Апган уяханы чөнтөгүнөн куурайга окшогон бир нерсе алып чыгып түтөтүп алып бир–эки илеп тартты. Анан кайра эле баягы көрүнүш. Асманды карап алып кобуранып отурат. Хахамбай болсо дагы эле эч нерсе көргөн жок. Атаганат, жанагы кууралдан бир илеп тартып алуу анын оюна келген жок да. Ошол эле болгондо бул шеринеде экөөнөн өткөн дос болмок эмес...

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ



# УЗАК ЖОЛ

**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

— Жок, анда болбойт.

Соода бир топко созулду. Урманбет бир кезде:

—Баары бир сомго жетпеген акчам бар, садагаң кетейиндер,—деп жалооруп, чын сырын айтты да артынан:

—Сексен тыйын берейин, анан өзүм түшкөн арабаны Караколго жеткиче айдап барайын,—деди. Соодалашкан жигит бир топко унчукпай калып, артынан бирдеме эсине түшкөндөй!

— Бер, акчаңды! — деди.

Урманбет оң жак койнунан бир жоолукту сууруп чыкты да, учундагы топчудай түйүнчөктү чечип, бечара колу менен аяр тыйындарын санады. Мен ошондо аяп кеттим да, «ай, дүнүйө ай! Ушул байкуштан албай койсо эмнеси кетет эле? Ушул эл бечара карыпты эмине аябайт, элдин баары мендей боору ачыбайт?» деп ойлоп кеттим.

Өмүрдө карыпчылыктан кайгылуу нерсе жок! Урманбет бая бир тышка чыккан бойдон үйгө кирген эмес. Биз жатып жаткан учурда киречилер менен калдырап жөнөп кеткендей болду. Беш жылдан бери бүгүн келип бир конбой кеткенине менин ичим күйүп калды. Урманбеттин алдыдагы тагдырын ойлоп, көпкө уктабай жаттым...

Кечикпей ушул жаз Урманбетти жана көрдүк. Бул сапар Караколдон Каркырага өтүп бара жатыптыр. Анжияндык бир байга малай экен. Баягыдай эмес, бу жолу көңүлү көтөрүңкү. Минген аты бар. Аны мактап, Караколдон келатып далай жолу солдаттардан качып кутулганын айтып отурду.

**V**

Кийинки жылы жайында Элебес мени Василий деген адамга малай берди. Үй кайтарам. Василийдики Түптүн аркы өйүзүндө, Чоң-Булактын оозундагы түздөгү жалгыз үй. Аппак шыбаган үйү алда кайдан жаркырап көрүнүп турууучу.

Биз аттаналы деп жатканда Бурмаке:

— Эми жакшы жүр, ушинтип оокат кылбасак анан өзүң үйдү көрүп турбайсыңбы? — деди мага.

—Барамын, кайта жакшы болот—дедим мен. Тышка чыгып, мени аяктап, учкаштырып жатып дагы:

— Деги эмне бермек болду? — деп Элебестен сурады.

— Айлыгы эки сом.

— Мейли, эки сом болсо да бирөө бекер береби,— деди аттанып алган бизге шыкырайып туруп.

Биз аттанганда асман бүркөлүп, төбөдө бир кара булут ары-бери уюлгуп, жел согуп, күн салкындап турган. Анткени менен көптөн бери күн жаабайт. Талаа менен келебиз. Береги биздин алдыбызда Башариндин көп үю жер жайнап жайылып жатат. Үйчү күн бүркөк болсо да кеч жакындаганын сезгендей узун камчысын булгалап, ышкырып айдай баштады.

Элебес эзелтен жөнү жокко капачыл, күйкөлөк адам. Кезек-кезек тору байталды курсакка күрс-күрс теминип алат да, капалуу, күйкөлөң сөзү менен кейип өзүнчө бирдемелерди кобурап кетет. Бара түшүп, иренжиген түр менен чыгыш жакты мурчуюп бир карап алып:

—Кудайдын күнү да бир тамбас болду! —деп коёт. Мен унчукпаймын. Эки жакты улам алмаштырып карап коём. Элебес байталды жана бир теминип алат да:

— Кудай бизди эмине мынча кууратып жасадың экен...— деп кобурап кетет.

Элебестин күйүк сөздөрү эзелтен кулакка сиңип, көнүмүш болуп калгандыктан үйдөгүлөр аны көп элес да кылбайт. Өңү дайым ачуу дары жуткандай тырышып турууучу. Өзү буурул сакал болуп карып калган адам. Бирок «бул неге мындай» деп мен ошонун күйүк сөздөрүнүн тамырын издеп, далай ойлончумун. Ушундай болор-болбоско капаланып киргенде кээде Бурмаке: «Баягынын ачуусу дагы кармадыбы? Дүнүйөдө бир жаркырап отурар күнүбүз болор бекен?» деп коёр эле.

Василийдикине күн бата бардык. Василий орто бойлуу гана курсагы чоң, челкейген адам. Көйнөкчөн болуп тышта жүрүптүр. Бизди көрө коюп:

— И, келди? — деди муруту менен билинер-билинбес жымыйып.

Түшүп үйгө кирдик. Кире берген жерден төркү үйүнөн чокуна турган сүрөтү көзгө учурай түштү. Мага бул анча таңсык эмес, мындай сүрөттөрдү Башариндикинен да көргөмүн. Тамаша мына бу керебетинин тушуна кадаган чоң, боз сүрөт экен. Өзү сансыз бир көп аскер, уруш, аты «Кыйратуу».

Жоо менен алышып мында бирөө кылыч менен качырып келип бирөөнү салып жатат. Жоого тийсең ошондой тий! Бери болжогондо бир миң аскер, качкан жоонун артынан чубап, күркүрөгөн сууга жаңы кирди.

***(Уландысы бар)***

# Укугуңду бил, жаран!



Бала кароо үчүн эмгек өргүүгө кеткен жумушчуну кызматтан алуу мыйзамга жатпайт. Бул тууралуу социалдык эмгек мамилелерин изилдөө Борборунда билдиришкен. Борбордун билдирүүсүндө "ААА" компаниясынын Аманова.А аттуу кызматкери 2014-жылы 2016-жылдын декабрь айына чейин бала кароо үчүн үч жылдык өргүүгө кеткен.

2015-жылдын 17-ноябрында КРнын Эмгек кодексинин 83-беренесинин 2-пункту менен кызматтан алынган. Башкача айтканда, баласы үч жашка чыкканга чейинки аралыкта Эмгек кодексин одоно бузуп, Аманова А. менен түзүлгөн келишим жокко чыгарылган. Болбосо КРнын Эмгек кодексинин 137-беренесине ылайык бала үч жашка толгонго чейин кызматкердин жеке арызы менен эмгек маянасы төлөнбөй турган кошумча өргүү берилет. Тараптардын келишими менен өргүү каалаган учурга жана каалаган убакытка белгиленет. Бул убакта кызматкердин кызмат орду сакталып турууга тийиш. КРнын Эмгек кодексинин 85-беренесинин 7-пунктуна ылайык, эмгекке жөндөмсүз учурда, өргүүдө жүргөн учурда Эмгек кодексинин 83-беренесинин 1-пунктунан тышкары (кокус мекеме жоюлуп кете турган болсо) кызматкерди жумуштан бошотуу мыйзамдуу эмес. Качан өргүү мөөнөтү бүткөндө гана бардык процедуралардын сакталышы менен эмгек келишими бузулат.

# Күн өткөндө алгачкы жардам. Адистерден кеңеш

Жайдын келиши менен сууга түшүү маалы башталат жана жайдын мээ кайнаткан аптабы өтүшүп кеткен учурлар көп болот. Бул тууралуу ӨКМ пресс-кызматы билдирген. Мындайда адистер суунун температурасы +15 градус болгон ачык көлмөлөргө түшүүнү сунуштабайт. Анткени дароо муздака түшүүдөн адам эс-учун жоготуп, же өлүмгө учурап калышы ыктымал. Күтүүсүз учурлар кээде катуу ысып-тердеп келип, дароо суугa секиргенден да болушу мүмкүн. Денеге күн табынын өтүп кетүүсү көпчүлүк учурда суу сактагычтын, дарыянын жээгинде, же болбосо кайыктын бортунда эч кандай коопсуздук каражаттары жок учурда болот. Бул учурда организмдин жылуулук алмашуусу бузулуп, адамдын кускусу келүүсү, көңүлү айлануусу, баш оорусу, дене табы көтөрүлүүсү, кыйналуу менен тез-тезден дем алуусу байкалат. Дене табы +40, +41ге чейин көтөрүлөт. Күн өтүп кеткен ноокасты эң биринчи жардам катары муздак жерге алып баруу зарыл. Денесин кыскан кийимдерди чечип, таза аба менен камсыз кылуу керек. Жаткырганда башын буттун деңгээлинен жогору коюу, эркин дем алуусун камсыздап, бетине муздак суу чачуу, кежигесине муз коюп, муздак компресс жасоо пайдалуу.



«Дилазык» басма үйү

**Дизайнер керек!**

Ыймандуу жана тажрыйбалуу дизайнер керек.
**Талап:** китептердин Индизайн ишин жана мукаба дизайнын (фотошоп ж.б.) жакшы билген болуу.
**Тел.: 0773534060**













